Инв. 282.

№ 2.

„Семетей" (перевод).

1982 г.

„Семетей"

(котормосу)

бетти
1.250.

1982-ю. таллиграм.

Семетей.

Араб алпавитинде жазылган кол жазманын 232-бетинен баштап кочуро баштадым.

232-бет. Шыгайдын цулу Чынкожо,
Чыныгы тийер кишиңди.
Чындап ачуум келгенде,
Сындырамын тишиңди.
Жоорутпа мага тушуңду.
Бергин долу кушумду.
Кушумду алып бересиң,
Кушумду алып бербесең,
Коргулукту коросуң.
Кулчородон олосуң.
Абийириңди кетирсин,
Анан алып бересиң.
Абакамдин шуңкары,
Ак жибектен боосу бар.
Сен оңдоңгон долудан,
Алтымыш кыз досу бар.
Манин абам Семетей,
Алтымыш турсун жуз кылып,
Ар канча айтар оозу бар.
Кутулбайсыңз кушумдан,
Куу тумшук Чурок ушундан.
Деп Колос далай кеп айтып.
Куйуучу создон коп айтып.
Айчурок менен айтышып,
Анча мынча чартышып.
Кыздар менен эмкисин,
Келиндер менен теңз айтып.
Туралурсуңз Кулусуңз.
Абайлаңз Кулус журушун.
Эми Семетейдин кеби бар.

...т языка, литерат...
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 282.
1982.

Секин айтаар эби бар.
Чоролору жанында.
Алда канча деми бар.
Уркончто Акун каны бар.
Уккан создун дайны бар.
Акундун кызы Айчурок,
Алатурган зайбы бар.
Жоно деп Семец Кулусту,
Маслат кылды журушту.
Чоролорун чогултуп,
Баштады Семец бул ишти.
Айланайын, жором, деп.
Атамдан калган чором деп.
Айчурок келсе оцума.
Ак шуцкар тийсе колума.
Чынкожо менен Толтойду,
Айдап жолго салам деп.
Менин айтатурган кебим бар.
Чоролорум чогулуп,
Угатурган эбиц бар.
Акундун кызы Айчурок,
Кандын кызын алдырган.
Кагазга атын салдырган.
Бектин кызын алдырган,
Белгисин катка салдырган.
Өзунчо Чурок жактырган.
Ордого ченеп бактырган.
Зылрат менен жакуттан,
Мойнуна тизип тактырган.
Окутуп молдо кылдырган.
Ойлонуп кезеш тындырган.
Баарыбызды сурайт дейт,

Масламаны билет дейт.
Баарыбыз кыргыз калкына,
Барсак деп самап журсот дейт.
233-5. Белгилуу туркмон журттардан.
Перидей болгон кыздардан.
Атасы калкына жарктуудан.
Энеси нече нарктуудан.
Суйлошуп созго кансак деп,
Билбегенсип барсак деп.
Атам манас адаты,
Кылып откон санаты.
Бирооп тандап алсак деп.
Армансыз болуп калсак деп.
Бул кезешим кандай деп.
Бул дагы сенин байдаз деп.
Айнытпагын чунактар,
Алабыз муну кайдан деп.
Кудайберген кыздарды,
Курдаш кылып алчу деп.
Санатын коруп чакырып,
Сырдаш кылып алчу деп.
Калдайып калыз коч болуп,
Кан бакайга барчу деп.
Айтып созун болдурду,
Султаныз суйлоп олтурду.
Чоролор турду дабырап,
Бирден суйлоп жабырап.
Авазкам неме айтат деп,
Аземи журттан артат деп.
Ошол айт созунон,
Кандай чоро кайтат деп.
~~Ошол айткан созунон~~
Чинадил айтты чын кеп деп.

Нема болду лил кап деп.
Мурадил айтты мунуз деп.
Абам айтты сырын деп.
Абамдын созун кайтарбай,
Бир кызалам чыным деп.
Жаш айдар айтты неме деп.
Акылын абам тапты деп.
Мурун сонку созунон,
Бул кезеши жакты деп.
Кан Турсун айтты кандым деп.
Кантип создон жандым деп.
Тандап турун бир кызды,
Тартынбастан алдым деп.
Аваз айтты оз кеп деп.
Олуту бар чоз кеп деп.
Ирак айтты рах кеп деп.
Бизге фаин кылат деп.
Катын албай чоролор.
Кантип чыдап турат деп.
Канбар фиян Рустам,
Керкокул фиян тыныстам.
Абакем неме айтат деп,
Алдында суйлеп турушкан.
Омор менен жанышы,
Чоролордун калысы.
Башынан аяк чоролор,
Макул корду барысы.
Калык менен сулайман.
Калемде жазуу кудайдан.
Катын алып кетебис.
Кан абам айткан бу жайдан.
Тологон фиян Жанкара

Баары бирдей жаш бала.
Бирден кызды албасак,
Бобуз деп маскара.
Байдалы менен курама.
Баатырлыгын сураба.
234-б. Абакем айтып койгонсоц,
Башка созго айныба.
Канчоро айтты калба деп
Абамдын созун карма деп.
Берсе кудай бактыза,
Бирден кызды танда деп
Маслатын болтуруп.
Чоролор суйлоп олтуруп.
Алмак болуп бирден кыз,
Акылына толтуруп.
Ал ацгыча болбоду.
Айчурок тушуп исине.
Ала коюп султаныц,
Дурбусун салды козуне.
Кора салып султаныц.
Козулу оскон шумпайыц.
Чоролорго кеп айтты.
Чогулуп уккун деп айтты.
Баягы келген топ кара.
Жортуулчу эмес озу жен.
Жоболоздуу кара нэт,
Айчурок долу ошо жен.
Кызыл тердик, кок желдик,
Кыздын аты корунот.
Кызыл тумук чунактар,
Коргондо козул болунот.
Алдымда кийген кулусум

Бул кок чоронун журушун,
Кайрылып кайтып келбестен.
Кабарын айтып бербестен.
Кызга аралап алыптыр.
Кызыгып туруп калыптыр.
Перидей болгон бир кыздын,
Койнуна колун салыптыр.
Болжолу жок аскыйып,
Болукшуп туруп алыптыр.
Жалпы чоро аттан деп,
Жардык кылды торосу.
Жардыгын эки кылбастан,
Жонап калды чоросу.
Ак борчука жуктогон,
Алтын куфа ак чатыр.
Кок дуланга жуктогон,
Кумуш куна кок чатыр.
Жыйырма чоро, бир баатыр.
Ат бакчу алты муракыр.
Казан асып эт басчу,
Кара кызмат ом бакыр.
Кецешин султан салуучу,
Картоштун уулу мусапыр.
Сайбууданын айдашып,
Самаган жерин жайлашып.
Жонап калды аттанып.
Баары бирдей шаттанып.
Берсин кудай бир бирден,
Кыз алдык деп мактанып.
Ак-Динактын белинен,
Аша колун кадуулап.
Кырга барчуу чунактар,

Кыялы кетип сабуулап.
Алдындагы бууданын,
Абайы менен жабуулап.
Ортосунда Ургончке,
Дуу кучоп кирип барды ошол.
Алкылдаган дарыяга,
Карап козун салды ошол.
235-б. Ургонч суусу кириптир.
Оболоп цӧр журуптур.
Чӧр журуп курулдоп,
Чйдой кобук туруптур.
Чыбырын тулку жойлобой.
Чыбык салса бойлобой.
Чындап кирген дариядан,
Кечемин деген адамзар,
Олбоймун деп ойлобой.
Адырын тулку жойлобой.
470б. Аркан салса бойлобой.
Агыны катуу дариядан
Кечемин деген пенде зар
Олбоймун деп ойлобой.
Ак кобуктоп кар болуп,
Орто жери шар болуп.
Бурулуп тийген жерлери,
Найза бою жар болуп.
Жаткан экен чоц Ургонч,
Кечэрге пенде зар болуп.
Канчоро туруп кеп айтты.
Кайрып созду коп айтты.
Кара жолтой Ургончту.
Кантип кечтик деп айтты.
Тигинтип жаткан дарыядан.

Тил билбеген айбандан.
Калкылдап кызыл кан агып.
Каршы чыккан жайлардан.
Кечкен менен болобу.
Кечкенди тирүү коёбу.
Жылас болгон дариядан,
Кечкен адам оңобу.
~~Ат жайдактап салсакчы.~~
Оор кандуу суу жен,
Олбой адам калабы.
Акундун кызы Чуроко,
Аман жен баралы.
Ат жайдактап салсакчы.
Абыдан кечүү чалсакчы.
Акундун кызы Чурокко,
Аман отуп барсакчы.
Деп Канчоро суйлоп турду ошол.
Кайрып созун урду ошол.
Сулайман туруп кеп айтты.
Суук созду эми айтты.
Суудан агып, Канчоро,
Кимиң олгон деп айтты.
Камбардын уулу Канчоро,
Кабарың калкка даң чоро.
Адамды жолдон айныта.
Кара тумшук шал чоро.
Коркуптурсаң дайрадан,
Озуң мында кал чоро.
Кулус кечкен дайрадан,
Курдалду чоро кечпейби.
Абакем турса башында,
Аман, жен отпойбу.

Акундун кызы Чуроко,
Абам султан жетпейби.
Жаш бала кечкен дайрадан,
Коркуп кечпейкойгон соз.
Гул созумду ойлонсоз.
Убалыз мага кор болсоз.
Акундун кызы Айчурок,
Маздайда карап турбайбы.
Баатырлыгыз малдай деп,
Абамды шылдыз кылбайбы.
236-б. Абам шылдыз болгон соз,
Бизди кудай урбайбы.
Канчоро тилиз албайм деп,
Тандап кечуу чалбайм деп.
Айчуроко кор болуп,
Аман-уйго барбайм деп.
Туубай туна чогойун,
Бу короктo олойун.
Ажал жетсе кудайдын,
Аманатын берейин.
Ажал тагдыр жетпесе.
Айчурокту коройун.
Абам султан жургун деп.
Айткан созум билгин деп.
Агыны катуу дайрага,
Аянбастан киргин деп.
Султанын салып алдына,
Сууга кирген жери ошол.
Баарысынын башчысы,
Баатыр султан эр ошол.
Атка камчы салды ошол.
Аянбастан барды ошол.

Атырылтып дайрага,
Азыр кирип калды ошол.
Сайжубанды чып кармап.
Чыйык жалдан бек кармап.
Жан буткондун баарысын,
Жалга кудай деп кармап.
Алда, кудай, алда деп.
Атам, Манас, колдо деп.
Колдо, кудай, колдо деп.
Кожосан пирим, жоло деп.
Колдогонум бир кудай,
Колдогону ушундай.
Жологонум бир кудай,
Жон бергени ушундай.
Колдогону Кожосан.
Кол бергеним ак Эшен.
Кызыр Илияс колдо деп.
Кыянаттуу жолдо деп.
Ак байгамбар жоло деп.
Ардактуу атам колдо деп.
Он эки виймам, кырк чилтен,
Баба кызыр башта деп.
Так Сулайман байгамбар,
Суудан суурып ташта деп.
Буудандар сууда даң-дуңдап.
Сыр найза колдо калкылдап.
Корунгондо корунуп,
Корунбосо жаныбар.
Дайра сууга чомулуп,
Закым болуп болунуп.
Окуганып октолуп,
Ок жыландай буктолуп.

Суудан сузуп шыркырап.
Баскан жери быркырап.
Өйузуно чыккан соз.
Суунун унун уккан соз.
Кандагай багалак,
Камчы буктоп каккан соз.
Кароолчу койгун, Канымжан.
Сакчы койгун, Салкынай.
Чардуу бырдай ыбырап.
Ыймакелеп жыбырап.
Акундун кызы Чурокко,
Айтып жетип барды ошол.
237-б. Айланайын эжем деп.
Аныс келди жездем деп.
Аргымак тору ат минген.
Сай бууданы бош жургон.
Кок сулоосун, кундуз борк,
Жарашыктуу башынын,
Жыйырма чоро жыласы.
Кан жездемдин кашынын.
Кележатыр бир жигит,
Келишимдуу эр жигит.
Санжыргалуу падыша,
Кан жездемдин озу деим
Орду тугол айтайын.
Кан Каракан козу деим.
Те Кулусту коруп жугуруп,
Куйоо жен деп суйунуп.
Айып отту биздерден.
Адеп менен кеп айтып.
Сыпат менен соз айтып,
Тушуруп алмак сиздерден.

Деп жебиреген эки кыз.
Айтып жетип барды ошол.
Акундун кызы Айчурок,
Айтканды биле салды ошол.
Чоросу куттай бала жен.
Торосу кандай жан жен.
Эрке чурок эжебиз,
Айтканындай бар жен.
Деп кыздын баары кылактап.
Ятлас койнок булактап,
Тамаша кылып тартышып.
Кулчорону чунак деп.
Султанга козун салды ошол.
Суйкайып карап калды ошол
Эр Семетей султаныз,
Суудан чыгып шаңданып.
Акундун шаары Ургончтун,
Кыз, келини таңданып.
Булгаары желдик, кок тердик,
Бурчунан суусу шорголоп.
Айбанда тил жаралган,
Буудандын баары жорголоп.
Жиббалатып тулпарын,
Жетип барды султаныз.
Жеткен заман Семетей,
Жемелеп Кулус шумпайын,
Отун алган кыздарга,
Оролуп туруп аласыз.
Ойноп душман сураса,
Сырыңды айтып саласыз.
Сен кандай курган баласыз.
Куурай терген кыздарга,

Кордотуп туруп аласыз.
Кууланып душман сураса,
Сырызды айтып саласыз.
Сен кандай курган баласыз.
Селкинчек тепкен кыздарга.
Теллирип туруп аласыз.
Терип душман сураса,
Сырызды айтып саласыз.
Бул жоругуз койбосоз,
Бооде олуп каласыз.
Акун канга кыз болсо,
Айтылуу Чурок озу болсо.
Издегени биз болсо,
Бизге коцулу туз болсо,
238-б. Тигип койгон уй кана.
Жолдон тоскон бий кана.
Союп койгон тай кана.
Самаварда чай кана.
Даяр кылган жай кана.
Айтканымдын бири жок.
Айтканымды кылбайсыз.
Акмакта сендей ини жок.
Эрегиш созду чыгарып.
Эч кимге айтаар орну жок.
Деп султаныз суйлоп турду ошол.
Буудандын башын бурду ошол.
Кулусуз туруп кеп айтты.
Куйуучу созду эми айтты.
Айныкпастан авозка,
Арзымды уккун деп айтты.
Жолдон тосуп бий чыгып,
Тушоорго жерге уй тигип.

Даяр кылыт бээ соют.
Казы кертит, жал коюп.
Кайрага бал коют.
Кымызын куют чайкатыт.
Сыраякка жайнатыт.
Айтыт созун байкатыт.
Абыдан коонуц жайкатыт,
Кымызын куют сунгандай.
Кызматында тургандай.
Абаке созуц бул кандай,
Эрлигицде пенде жок.
Кыргыздын калкы мында жок,
Бекке тете бий тосут.
Беш кокулду кыз келит.
Кымызын чайкат олтурут.
Кыз-келин[redacted] сундурут.
Жолфабын сойгондой.
План кылылыт койгондой.
Кандыгызда пенде жок.
Казактын калкы мында жок
Самаварын кайнатыт.
Дасторконун жайнатыт,
Сары казы, кыйма жал.
Кыя кесит чайнатыт,
Кымызын куют сунушут.
Кыял мас болут турушут.
Арак куют сунушут,
Абыдан ичит тунушут.
Карылары нарк айтыт,
Казыларын чалкайтыт.
Жигиттери ырдашыт.
Жини келген курдашын.

Кыз, келгини эшиктен.
Кулак салып тыздашып.
Кыялыцды билгендей,
Кыя салып жургондой.
Калайыкта сендей жок.
Татардын калкы мында жок.
Фарганада озубек.
Озубектин созу коп.
Озубек, сартты бийлеген,
Сынга толгон Сынчыбек.
Мелде-селде башына,
Матратия чалыныт,
Баштан аяк озубек.
Матиризге жалыныт.
Дасторконун которуп
239-б. Нашасын чегип жотолуп,
Добусун башка кырдашып.
Аш жегенде ырдашып,
Алдыцда турган кордошуп,
Ашула айтып сырдашып
Алдыцан тосуп келгендей,
Ай сайын алым бергендей.
Озуцдой абам пенде жок.
Озбек, сартыц мында жок.
Аягы Ташкен, башы Чуй,
Атацдын жери Талас жок
Атацдан калган оз элиц.
Казак, кыргыз алаш жок.
Арбагы дайын аалампа,
Атабыз баатыр Манас жок.
Айланайын абаке,
Менин бул созумдо талаш жок.

Буйругуҗда тургандай.
Бурулбай кызмат кылгандай.
Озуҗдун кыргыз элиҗ жок.
Мындан башка кебим жок.
Ургаачыга цялбай
Буйрук кылаар жонуҗ жок.
Мындан башка абаке,
Эч жериҗде оонуҗ жок.
Издегеним Айчурок,
Эсимден чыгып калган соҗ,
Караганым айчурок.
Как алдымдан чыккан соҗ,
Мен кайда барам уй издеп.
Кимге барам бий издеп.
Деп куроҗдун башын бурду ошол.
Корсоҗ суйлоп турду ошол.
Асыл торо султаныҗ,
Абдан созду эми айтти.
Акун кандын долусу
Ак шуҗкар кайда деп айтты.
Кушумду алдыҗ колумдан,
Атпай алаш элимден,
Ошончолук долу куҗ,
Уабара кылдыҗ жеримден.
Озуҗ теҗдуу бир эркек,
Чыккан жокпу элиҗден.
Канатыҗ куҗго кактадыҗ,
Карганча куйоо таппадыҗ.
Карга шыйрак кары куҗ,
Кандай эрди саптадыҗ.
Кууланып куйоо таппадыҗ.
Кузгун шыйрак кары куҗ,

Кандай эрди саптадыҗ.
Атамдан калган кушумдун,
Ак жибектен боосу бар.
Сен оҗдонгон долудан,
Алтымыш кыздын доосу бар.
Калктын баарын кыдырып,
Кандын баарын сыдырып.
Элдин баарын кыдырып,
Эрдин баарын сыдырып.
Сыяарыҗа жер таппай,
Тиериҗе эрт таппай.
Уяты жок кары куҗ,
Учуп журуп жон таппай.
Таласка бардыҗ эр издеп.
Ак шуҗкар алдыҗ мени издеп,
Ак шуҗкардын дартынан,
Мында келдим сени издеп.
240-б. Деп Султан тууган эр семеҗ,
Суйлоп созун урду ошол.
Буудандын башын бурду ошол,
Бура тартып турду ошол,
Эми Айчурок туруп кеп айтты.
Аянбай созду эми айтты.
Менин алар куйоом жанымда.
Чынкожо баатыр деп айтты.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыныгы баатыр чыҗ ошо.
Чыҗдап койгон темирдей,
Шыркыратат комурдой.
Жедигердин Толтою,
Чоҗдугу тоонун сеҗирдей.
Ушунчаҗда кайтып кет.

Семетей олду дедирбей.
Жедигердин толтойдон.
Жыйырма чороз олбосун.
Чурок учун олду деп,
Калкыз менден корбосун.
Кабарызды билбесин,
Чынкожо чындап кирбесин.
Талтыгызды кетирип,
Таласка чейин сурбосун.
Семетей качып келди деп,
Калктын баары кулбосун.
Деп Акундун кызы Айчурок,
Аста суйлоп кашказдап.
Айтып созун баш камдап.
Айнектей бети тастаздап.
Мурун суйлоп чойкоюп,
Буратартып койкоюп.
Спаты башка борумдуу,
Туруз корду созунун.
Озу пери кубулган.
Сузсо козу жумулган.
Башы алтын туймодой.
Тили шекер шириндей.
Пачы калтар жибектей.
Жасаты тарткан суроттой.
Мурну борум мистедей.
Аппак эти чуштодой.
Тиши тизген жакыттай.
Тырмагы аппак акыктай.
Эки козу балбылдап,
Эгизден жанган фанардай.
Эки жичеги тырсайып

Салкынга бышкан анардай.
Беш манчанын салаасы,
Зымга тарткан кумуштой.
Кырка тиштин арасы,
Жубаздан чыккан куручтой.
Мужук тандай беттенип.
Кобук кардай эттенип.
Кулсо тиши кашкайып.
Коздой бети тастайып.
Куймонсо жыпар жыттанып.
Суйлосо созу мыктанып
Султан турат суктанып.
Акундун кызы Чурокту,
Атпай туркмон жактырган.
Азем менен бактырган.
Мойнунда жарык болсун деп.
Эрке Чурок мойнуна,
Кавардан тизип тактырган.
Анча-мынча адамды,
241-б. Сурц менен шаштырган.
Башындагы боркуна,
Зымырат менен жакуттан,
Окуу салып бастырган.
Озу молдо даанышман,
Айчурок атын жаздырган.
Желим кавиш, жез така,
Кырмызы маасы зайтана.
Кырмызы жибек байтама.
Кырсылдаткан шуркыя.
Дукаба бешмант, кемсели,
Таема дай белге кыналып.
Султаныздын алдында

Суйлоп турду буралып.
Эр Семеҥ турып кеп айтты.
Эжирген долу деп айтты.
Ачуусу келген Султаныҥ,
Аябастан бек айтты.
Чынкожо, Толтой дегениҥ,
Чындан бокту жегениҥ.
Уялбастан ыктатып,
Урушар Толтой кишиби.
Чыны менен урушар,
Чынкожо кулдун котубу.
Уялбаган долу куҥ,
Учуп журуп конобер.
Чынкожо чырак корунсо,
Оюҥ менен болобер.
Улабасын улуу туу,
Ула деп айтып нетемин.
О байыҥ менен болобер
Кушумду бергин кетемин.
Байым деген долуну,
Тий деп айтып нетемин.
Тийбес болсоҥ кары куҥ,
Кушумду бергин кетемин.
Уктум эле укмуштан,
Акундун кызы Айчурок,
Жолоочу жолун тосту деп.
Жолго казан асты деп.
Кербендин жолун тосту деп.
Керше казан асты деп.
Кесепеттуу кары куҥ,
Далай чырды басты деп.
Уккан созум чын жен.

Уятсыз долу бул жен.
Кашка таман камил куҫ.
Туурук таман дуйбул куҫ.
Туру суук сары куҫ.
Тууттан калган кары куҫ.
Тиши буудай болгончо,
Чачы куудай болгончо,
Акун кандын торундо,
Коп олтуруп зак болгон.
Козунун жэги кызарып.
Саамай чачы ак болгон.
Эр албаган эски куҫ.
Эл кыдырган кески куҫ.
Кордум долу козуҫду.
Уктум долу созуҫду.
Билдим долу ишиҫди.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыныгы тийер кишиҫди.
Берган долу кушумду.
Кушумду алып бересиҫ,
Кушумду алып бербесеҫ
242-б. Коргулукту коросуҫ.
Семетейден олосуҫ.
Абийриҫди кетирип,
Анан алып бересиҫ.
Деп арыстан турду бакырып.
Айтып созун теҫ айтып.
Туйгун султан эр ошол.
Тура калган жер ошол.
Эми эрке Чурок ар кылып.
Айтты созун зар кылып.
Керидей болуп шаҫданып

Абыдан Чурок арданыт.
Жыйырма чоро кырк бир кыз.
Карап турду тазданыт.
Эски деген созуно,
Абыдан Чурок арданыт.
Кыз, келиндин баарысы,
Жанында турду жарданыт.
Арманын айтты султанга,
Алда канча зарланыт.
Абамдын цулу султаным,
Арыз айтамын угуптур.
Өткон-кеткен озуздо,
Дарт айтамын угуптур.
Оз мойнуза жуктолуу,
Карс айтамын угуптур.
Кушум дейсиз болбойсуз,
Курап айтыт торгойсуз.
Ак шузкар дейсиз болбойсуз
Айтыт созум торгойсуз.
Кушузду алыт келгенмин.
Мулушкорго бергенмин.
Он жи шузкар, он туйгун,
Ортосуна кондурдум.
Ою менен болтурдум.
Кумуштон туур кактырдым.
Алтын жавла тактырдым.
Азем менен бактырдым.
Семис койдун томук эт,
Тоютуна бергенмин.
Арык койдун жашык эт.
Тарткычына бергенмин.
Кушузду бактым абыдан.

Айнытбадым табынан.
Он эки шуҗкар, он туйгун.
Баары кыраан болду деп.
Султанымдын бактына,
Тууруна конду деп.
Жыйырма чоро жыласыҗ,
Бирден алып салсын деп.
Эки шуҗкар туурума,
Элким артып калсын деп
Атпай алаш эл учун,
Арнап бактым сен учун.
Карыштурган таластан.
Сен келбедиҗ мен учун.
Кыл чачымды тул кылып.
Кыз башымды эр кылып.
Өзум бардым сен учун,
Качан бардыҗ мен учун.
Айчурокту эски деп,
~~А~~ Кушун алып кайткандай.
Абамдын уулу султаным,
~~А~~ Мунун несин айткандай.
Эски дейсиҗ, болбойсуҗ.
Эптеп айтып торгойсуҗ.
243-б. Кары дейсиҗ, болбойсуҗ.
Кайрып айтып торгойсуҗ.
Атадан жетим сен калдыҗ.
Армандуу болуп мен калдым.
Элиҗе кетип сен калдыҗ.
Эски болуп мен калдым.
Калкыҗдан кетип сен калдыҗ.
Кары кыз болуп мен калдым.
Кырымга кетип сен калдыҗ.

Кыйбатыңда мен калдым.
Айчурокту эски деп.
Кошуп алып кайткандай.
Абамдын уулу султаным,
Мунун несин айткандай.
Алты сан алаш калкынын,
Асылы келет деп журдум.
Акырет кеткен атаңдын.
Арбагын сыйлап коп журдум.
Кылымга толгон кыргыздын,
Кыйбаты келет деп журдум.
Кыямат кеткен атаңдын
Арбагын сыйлап коп журдум.
Кызыл нурум тугонуп,
Сары болдум сен учун.
Батаңдан коркуп сактанып
Кары болдум сен учун.
Эрге тийбей олтуруп,
Эски болдум сен учун.
Эл кыдырган долу деп,
Кески болдум сен учун.
Качан келдиң мен учун.
Озум бардым сен учун.
Карыш турган Таластан,
Калыңкыргыз алаштан.
Сен келбедиң мени издеп.
Озум бардым сени издеп.
Арбагын сыйлап абамдын,
Алдыңа бардым эр издеп.
Сыйлабасам арбакты,
Кетет элем Койкапка.
Кесепеттуу долу деп,

Келбейт элеҗ бул жакка.
Айчурокту эски деп,
Кушун алып кайткандай.
Абамдын цулу, султаным,
Мунун несин айткандай.
Жыйырма бешке сен чыктыҗ,
Жыйырмага мен чыктым.
Тулку абамдын бойтору,
Муну менен теҗ чыктым.
Жыйырма жашка чыкканча,
Албайкойгон сенденби.
Муну да озуҗ вилгачы,
Азарыҗ тарткан менденби.
Арадажурут жай издеп,
Же айтпай койгон элденби.
Кесепеттуу долу деп,
Долу куҗдун шору деп.
Келбейкойгон сенденби.
Кейишиҗ тарткан менденби.
Муну да озуҗ вилгачы,
Же айтпай койгон элденби.
Албас болсоҗ чыныҗды айт.
Аны да угам сырыҗды айт.
Азыр учуп кетемин.
Кирике учуп жетемин.
244-б. Адам цулу опосуз.
Арбак сыйлап нетемин.
Ойногон созду чын коруп,
Орунсуз созду козгодуҗ.
Эр издесен дигимден,
Эски болгон меимден,
Сабыр кылып токтодум.

Сабырсыз болсом Айчурок,
Качан учуп кетмекмин.
Койкаптагы периге,
Оз элиме жетмекмин.
Чачикейден аныктап,
Угуп келген кебиц бар.
Акундун кызы Чуроктон,
Алатурган кегиц бар.
Мен Таласка барганда.
Ак шуцкарды алганда.
Атпай алаш калкына,
Озум кабар салганда.
Чачикейге жолугуп,
Сырымды айтып сен учун.
Талыкпастан суйлошуп,
Чынымды айтып сен учун.
Сен келбедиц мен учун.
Озум бардым сен учун,
Чачикейге жалынып,
Арзымды айттым сен учун.
Ичимдеги ар турлуу,
Дартымды айттым сен учун.
Алган зайыбыц Чачыкей,
Уяты жок долу жен.
Ургачынын чору жен.
Урушар созу мол жен.
Эр албаган эмгектуу,
Эски деди Чачикей.
Эл кыдырган кыргыздан,
Кески деди Чачикей.
Туру суук адамдан,
Сары деди Чачикей.

Туттан калган эр албай,
Кары деди Чачикей.
Адам уккус кеп айтты
Аянбай созду коп айтты.
Абамдын уулу Султанды,
Бербеймин долу деп айтты.
Карбандуу жолдо жайылып,
Була болдум сен учун.
Чачикейден ар канча,
Ыза болдум сен учун
Койкайдагы периден
Жуда болдум сен учун.
Сен келбедиз мен учун.
Озум бардым сен учун.
Башында атам дайындап,
Бата кылган жер учун.
Баркымды Султан билээр деп
Бардым Чурок эр учун.
Алсаз турам була деп.
Буланун жайын сура деп.
Арзып келген алыстан,
Айчурогуз мына деп.
Кадимки пери сурумдо,
Тастаздап карап турмакмын.
Учурашып Султанга,
Ошол жерде тынмакмын.
Ак буланы алдырбай,
245-б. Ийинге тыгып таштадыз.
Чоролоруз эрчитип,
Ала колго баштадым.
Батаз бар Султан башында,
Бир кылымдан жазбадым.

Турам сага тарынып,
Перини коздой качпадым.
Ала колдун оюнда,
Кара-Суунун боюнда,
Кара сууда калкылдап,
Балык болуп корундум.
Качпай туруп кашызда,
Аныкболуп корундум.
Балык да болсо пайда деп,
Мындай балык кайда деп.
Кармап алсаң озумду,
Угат элең созумду.
Кыз кебимди киймекмин.
Кыялыңды билмекмин.
Учурашып Таласта,
Ургончто алып журмокмун.
Балык деп мени албастан,
Козуңдун кырын салбастан.
Кулчорону жибердиң,
Угуп тургун тынбастан.
Оркону оскон Кулчоро.
Озуң менен бир жоро.
Телкуроң менен тепсетип,
Кабыргамды кыйратты.
Кара жандан туңултуп,
Каң какшатып тыйлатты.
Кара суунун ичинде,
Азоо тайдай туйлатты.
Уч жерден тозуп жолуктум:
Алатурган колуктуң.
Ак шуңкарды алмакка,
Анан Чурок оолуктум.

Кушуҗду алдым колуҗдон.
Аттай алаш эликден.
Атарытып, жол тартып,
Убара кылдым жериҗден.
Абамдын цулу Султаным,
Ардыкта менин кебимден.
Асыл Султан сен учун,
Аянбадым олумдон.
Айтып турган арманым,
Бул дагы сенин демиҗден.
Каршылык кылып Айчурок,
Качан чыктым эбиҗден.
Кадырыҗ сактап жургондон,
Кары деп Чурок жеҗилген.
Деп Акундун кызы Айчурок,
Айтып созун билгизип.
Эр Семетей султанга,
Абыдан созун тийгизип.
Ителгидей козунон,
Ирмебестен жаш кетип.
Булбулудай козунон,
Болок-болок жаш кетип.
Ботодой коз жалтылдап.
Басалбай муун калтылдап.
Эр Семеҗдин алдында,
Чыйлап турат солкулдап.
Эр издеген шорум деп.
Эрке Чурок болкулдап.
246-б. Манастын цулу эр Семеҗ.
Озу баатыр эр немеҗ.
Айчуроктон кеп угуп.
Армандуу созду коп угуп.

Арзып келдим алыстан,
Албадыҗ тором деп угуп.
Айчурок ыйлап тургандан,
Абыдан созго сынгандан.
Ушул созду мурунтан.
Укпадым деп курган жан.
Андай эмес айым деп.
Айтыҗ создун дайнын деп.
Кызыккандын зорунан,
Кармай алып колунан.
Оҗ бетинен бир опту,
Ойноп сылап жонунан.
Эрке Чурок кеп айтты.
Кеп айтканда нени айтты.
Абамдын уулу Султан деп.
Ашыкпагын шумпай деп.
Никесиз оптуҗ гайып деп.
Бу кылганыҗ айып деп.
Нике кыйып, кутта окуп,
Качан болдум зайып деп.
Гул ишиҗ тором куно деп
Акыретке барганда.
Айдап сурак кылганда.
Ак байгамбар турганда.
Тараза мизан курганда.
Куно болот кубо деп.
Аккелте аттыҗ миитесиз.
Айчурок оптуҗ никесис.
Акундун кызы Айчурок,
Азелден келдим куносуз.
Айтып турган созумо,
Ишенгин тором кубосуз.

Кунону тором ойлонбой,
Чурокту өоп журосуз.
Чынкожо, Толтой душманыз,
Мунун жайын билесиз.
Каршы болот жолуза,
Карагын создун сөзуна.
Кадыр алла жаратkан,
Баштасын өзу өзуна.
Деп Айчурок суйлап токтолду.
Айтып өтту октомдуу.
Чуроктон тил чыккан соз.
Султан туура уккан соз.
Чочуганда эрдик жок.
Чоюлганда кездик жок.
Тишинде бар соолу.
Тилинде бар моору.
Айтышып адам жезбеген.
Каргышы ката келбеген.
Карабет кандай айтты деп.
Кайгырчу жерим тартты деп.
Тукуруп салды турбастан.
Бир дам сабыр кылбастан.
Алда кандай айтты деп,
Асыл Султан сабылып.
Тукуругу Султандын.
Арча тору буудандын.
Жалга тушту жайылып. Өппой Султан турабы,
Акундун кызы Чурокту,
Алыстан келген сагынып.
247-б. Армандан чыгып суйлоппой,
Арзыган Чурок табылып.

Чурок менен Султандын,
Жайлашканын коргон соң.
Сүйнүшүп обушуп,
Тургандарын коргон соң.
Шыңкылдаган Уулман.
Шыңкылдаган Калиман.
Шыйты кашка Накылай.
Созго жуйрук Салкынай.
Ыргып тура калды ошол.
Басып жетип барды ошол.
Эр Семетей Султандын,
Чылбырынан алды ошол.
Баатыр жезде, тушкун деп.
Ачкыл тамак ичкин деп.
Ат устунон алды ошол,
Алдына бостек салды ошол.
Кудачалар турушуп,
Кудага кызмат кылышып.
Атын алып байлашып.
Абдан коонун жайлашып.
Аш-тамагын камдашып.
Жездени балдыз жандашып.
Жээлигип калган жетимдер,
Убада созду камдашып.
Куулангансып турушуп,
Билдирбей кыздан тандашып.
Тасторконун жаздырып,
Абдыраны ачтырып
Кант, орукту аабай,
Аралат чаштырып.
Казы кертип, жал кыйып.
Кумрага бал куюп.

Кантка жуурут бышырган.
Канча турлуу нан коют.
Ачкыл жандуу чунак дет.
Адамды кылат уят дет.
Акундун кызы Айчурок,
Аябастан коп алган.
Суусап келген меймандар.
Абыдан ичсин дет алган.
Алтын ууз аркыттан,
Арак куюп сунушут.
Адет менен турушут.
Абыдан ичип тунушут.
Балдыз куюп жезде ичип.
Баары жыргап кечке ичип.
Бир ичкенде Семетей,
Жам кесе менен бешти ичип.
Кудагый куйут, куда ичип.
Суусап келген чоролор.
Омадик аяк ода ичип.
Аркасында Кулчоро,
Аркыты жен жуда ичип.
Тамак ичип жаланып
Абыдан коону жайланып
Айчурокко суйонут.
Жатты Султан керилип.
Эр Семез жатып калган соз.
Эр сагынган жылаздар,
Ордо кыздын баарысы.
Созго кирди жээлигип.
Кыздын баары кыбырап.
Бирине бири шыбырап.
Ынгыралшып суйлошут.

248-б. Шыҗкылдашып кулушуп.
Эр Семеҗди корушуп.
Коҗулун кыздар болушуп.
Кызырканып жыластар.
Кызыккандан олушуп.
Манастын уулу Семетей.
Аташкан жарым болсо деп,
Элибиз жакын консо деп.
Аргына ойноп кулсо деп.
Ойноп доор сурсо деп
Адамзат пендеси,
Армансыз болор олсо деп.
Карабет кандай айтасыҗ.
Өз напсиҗе тартасыҗ,
Эр талашпа эжемден.
Талап кылба жездемден.
Семетей эмес чоросу.
Жанындагы жоросу.
Жыйырма жылас мырзасы.
Аралаш бирге турсачы.
Кыз алган жарым болсо деп.
Корообуз жакын консо деп.
Алаш бирге журсо деп.
Эжелеп ойноп кулсо деп
Жайыҗды жуда билсе деп.
Талаша доор сурсо деп.
Адамзат пендеси,
Армансыз болоор олсо деп.
Эгер оздорун кордошуп,
Эр талашып чырдашып.
Эже, сиҗди болушуп,
Эринбестен сырдашып.

Сенин куйоөң бар эле.
Менин куйоом жок.
Куйоөң турут талашыт.
Унуң неге шок эле.
Сени албасын, мени алсын.
Сени кантип эр алсын.
Жыйырма чоро мырзанын,
Кайсы бирин тандайсың.
Алаштан келген кот мырза.
Тандап кантип жандайсың.
Канчоро каным болсо деп,
Кулчоро куйоом болсо деп.
Аттай Ургонч калкыбыз,
Алашка жакын консо деп.
Алыстан келген Мейманга,
Суктанасың карабет.
Уялбастан эр тандап,
Ыктанасың карабет.
Деп Калыйман кашкаңдап.
Айта суйлоп тастаңдап.
Басып койду кыздарды.
Баштан аяк баш камдап.
Эми чурок кеп салды,
Кеп салганда не салды.
Абамдын уулу Султаным,
Аттансак кандай деп салды.
Жыйырма чоро, бир баатыр,
Ат бакчу алты муракыр.
Кара кызмат уч баатыр.
Кертоштун уулу мусатыр.
Отуз бир туян эр киши,
Алыстан барган кыз издеп.

...тут языка, литерат...
ОТДЕЛ РУКОПИС...
Инв. № 282
1982

Эр кишинин белгиси.
Жыйырма жубан, кырк бир кыз.
249-б. Алтымыш бир ургачы.
Ичинде Калиман кыздардын,
Бастап турган мунезун,
Бар жоругун сындачы.
Ургачы, эркек жам болуп,
Токсон эки жан болуп.
Келуу шондо торонун,
Келгени журтка даң болуп.
Жоноп калды шылкылдап.
Кыз-келиндер шыңкылдап.
Айчурок эми кеп салды.
Султаным уккун деп салды.
Айчурок кандай айтат деп,
Айыпка тутпа өзумду.
Карбан жолго кирбейлик.
Кайндик менен журбойлук.
Базар жолго кирбейлик.
Мастык менен журбойлук.
Чынкожо, толтой кыйын жоо,
Кундо чалгын чалат деп.
Бууданды изин табат деп.
Бууданды изин тапкан соң.
Бугун тундо барат деп.
Аянбай согуш салат деп.
Алыстан келген султаным.
Ат тыныгып уркобай.
Эр тыныгып сиркебай.
Армандa болуп калат деп,
Чурок баштап жонудай.
Адам журбос жай менен.

Салкар элдуу сай менен.
Сайылган кара кум менен.
Ийри-буйру жол менен.
Эшилген кара кум менен.
Убай-чубай бастырып.
Аттын изин жашырып.
Жылдыз таркап толгондо.
Куйтан мезгил болгондо.
Дарбазага келишип,
Дарбазаны ачкын деп.
Кыздар кабар беришип,
Дарбазаны кара сарт,
Сарт болсо да озу март.
Жагымталдуу созу март.
Келип салам беришип.
Султан менен корушуп.
Айчурок туруп кеп айтты.
Кеп айтканда нени айтты.
Дарбазачы кара сарт,
Созумду уккун деп айтты.
Чынкожонунун дартынан,
Эр толтойдун зартынан.
Ябамдын уулу Султанды,
Алып келдим алаштан.
Жыйырма чоро жыласын,
Жыйнап келдим Таластан.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт туйгон.
Дурбусун бурап имерген.
Кулагына жиберген.
Сандыргалуу Семетей,
Сан кыргыздын торосу.

Жанында сап мырза,
Жанына куйчуу чоросу.
Аргымак куроз ат минген.
Жашында окуп жат билген.
250-б. Мунун аты Кулчоро,
Жакын коргон чоросу.
Жан аябас жоросу.
Аны коруп тааныт ал.
Бул алыстан келген жолоочу,
Качан Кулус келгенде,
Дарбазаны кара сарт,
Ачып берип тургун деп.
Абыдан кызмат кылгын деп.
Баатырдын уулу торомдон,
Байкуш сартым туйтун деп.
Марттыгы маалим коп бираб.
Байболуп сартым тынгын деп.
Кулчоро менен дос кылып,
Сарттын коонун куш кылып.
Дарбазаны бош кылып.
Кара сарттын Айчурок,
Ак жамбы берди колуна.
Учурадыз сартым деп,
Дунуйонун молуна.
Эрке Чурок, эр Семез,
Жоноп калды жолуна.
Башында Чурок бутургон.
Байка создун созуна.
Атпай кыргыз алаштан.
Аксы менен Таластан.
Келип калса султаным.
Арбын кишги келет деп.

Келсе султан корот деп.
Алыстан келген меймандар.
Баттай калса ордого,
Акындын кызы Айчурок,
Уялгандан олот деп.
Жазамды Султан берет деп.
Алтын менен кумушту,
Казынадан алдырган.
Токсон болмо уй кылып.
Баарын мыкты салдырган.
Панар коюп жандырган.
Корсо козду талдырган.
Азем менен бордоткон,
Кумуш менен шордоткон.
Азиз мейман кирет деп.
Алтын менен оздоткон.
Терезеси жакуттан.
Текчеси кызыл акыктан.
Жаратып уста алдырган,
Сары таздa салдырган.
Аткана менен коргонун,
Бышык кыштан кылдырган.
Уч жыл мурун бутурут,
Коздун Чурок тындырган.
Келбей коюп Султаныц,
Айчурокту сындырган.
Коргонун бийик чеп кылган.
Дарбазасын бек кылган.
Жалпы турмон жактырып,
Чуроктун ишин эт кылган.
Акундун кызы Айчурок,
Баштап алып теросун.

Торосунун чоросун.
Жан аябас жоросун.
Кыздар минит жоргого.
Келит тушту ордого.
Муну кылган Чурокту,
Ургачы дет кордобо.
251-б. Атлас корто, ак мамык.
Кара килем жыш салыт.
Ар бир уйдо отуздан,
Баарын текши кыз салыт.
Тасторкону жайналуу,
Самары кайналуу.
Сары казы, кыйма жал,
~~Жай~~ Тамагы даяр жайлануу.
Абдырасы ачылуу,
Орук, меиз чачылуу.
Кагаз да дая жазылды.
Казаны даяр асылды.
Жецил тамак жебе дет,
Куручу даяр басылды.
Адамын Чурок билгизит.
Абыдан пайда тийгизит.
Алыт келит торосун,
Як сарайга киргизит.
Буудандын баарын жайлатыт.
Муракырга байлатыт.
Жакуттан кылган жарык уй.
Торосун баштат киргизит.
Эрке Чурок Султанга,
Сарамжалын билгизит.
Кучак жеткиз ак мамык,
Келтирит башка жазданыт.

Акындын кызы Чуроко,
Баатыр семез назданып.
Шыпты кашка Накылай.
Созго жуйрук Салкынай.
Айнектей бети тастайып.
Аш-тамагын башкарып.
Тасторконун жаздырып.
Абдырасын ачтырып.
Кант аралаш орукту,
Каршы-терши чачтырып.
Тамак-ашын жай койуп.
Самаварга чай коюп.
Тайдын этин келтирип,
Казы кертип, жал коюп.
Кантка жуурун бышырган,
Канча турлуу нан коюп.
Тамак ичип чайланып.
Абыдан коону жайланып.
Чарчап келген чоролор,
Куш уйку салды булбулдоп.
Манастан уулу эр семез.
Бу да уктады булбулдоп.
Торо, чоро аралаш,
Уктаганын билген соз.
Башын коюп мамыкка,
Ыктаганын билген соз.
Чурок турду октолуп,
Турганы жок токтолуп.
Аста суйлоп аяндап,
Айтып созун баяндап.
Кыздын баарын жоно деп.
Уктап алсын туура деп.

Султан келбей койбойт деп.
Коот кылыт шекшинит.
Тыштан душман корот деп
Дарбазаны бекитип.
Дарбазага кулп салыт.
Ачкычын Чурок озу алыт.
Кыз-балдарга коз салыт.
Кыялдуу Чурок суйсалыт.
252-б. Ордого барыт жаткын деп
Эртец келип жездездин,
Эрмегине баткын деп.
Эриктей ойнот жаткын деп.
Кызды жайлап соз менен.
Ордо уйуно жонотту.
Оюна албай Айчурок,
Эр Семезден болокту.
Аста басыт кидирбей,
Жан абама билинбей,
Чурок келди уйуно.
Эшигинде жуз сакчы,
Корунбостон бирине.
Акун кан салган башында,
Тор жагында болмо уйго,
Айчурок балам жатат деп.
Арнап салган орго уйго.
Кыялдуу Чурок сыныпдыр.
Кыз каадасын кылыптыр.
Керебеттуу тактага,
Келтирип салыт тошогун,
Кереметтуу Айчурок.
Озу таап жебин,
Тобар кылган кошого.

Туура тартып салды ошол.
Кыялдуу Чурок сынды ошол.
Кыз каадасын кылды ошол.
Кучак жеткис ак мамык,
Кетирип башка жазданып.
Кыбыланы баштанып.
Семетейге назданып.
Жатып калды чоюлуп,
Алмадай бети ноюлуп
Аркардай козу коюлуп.
Келбей тором койбит деп.
Ар жорукту ойлойт деп.
Секин келип ойнойт деп.
Жыйырма бешке жык толгон
Оюнга тором тойбойт деп.
Кызыл бетин нур чалып.
Жатты Чурок тынч алып.
Эми эр Семездин кеби бар.
Эрикпей угаар эби бар.
Азелде кудай буюрган,
Эрке Чурок тези бар.
Уктап Султан жатууга,
Кай жеринде эбибар.
Уйкудан Султан ойгонуп,
Турлуу-турлуу ойлонуп.
Эки жагын караса,
Алчурокту санаса.
Ойносом деп самаса.
Ордо кыздын баарысы,
Небак келип калыптыр.
Алдына Чурок салыптыр.
Айдап алып барыптыр.

Бул Акун кандын долусу.
Тиери мага жалганбы.
Чынкожого барганбы.
Чындап кабар салганбы
Же Толтойго кетип калганбы.
Жобологду салганбы.
Арбак урган Айчурок,
Алда качан барганбы.
Яйткан созу жалганбы.
Ичи толгон арманбы.
253-б. Жалпы чором укун деп,
Насият айтып баарына
Кулчоросун эрчитип,
Жолдош алып жанына.
Акундун кызы Чуроктун,
Ойлогону жаман деп.
Алда кандай заман деп.
Бул жоругу жаман деп,
Оз колуна шам алып,
Ордого Султан камалып.
Дарбазага келишип,
Бекитип кеткен сыртынан.
Кулпун келип корушуп,
Чыгайын десе эшик жок.
Шыкааларга тешик жок.
Эрегиш кылган биз менен,
Акун кандын долуда,
Кенедей болгон кыйшык жок.
Туутган калган долуда,
Торо оцоргон бешик жок.
Дарбазасын бек кылып.
Коргонун бийик чеп кылып.

Оз акылын эп кылып.
Толтойго кетип калганбы.
Эски деп айткан бир созду,
Коңулуно алганбы.
Айланайын Кулусум.
Бул долу куңдун журушун.
Капкасына кулп салып.
Кашкой куңдун куйутун.
Дарбазасын чаккын деп.
Дабасын озуң тапкын деп.
Кулуско суйлоп турду ошол,
Айтып созун урду ошол.
Эрке Кулус шаңданып.
Абакесин карманып.
Каргып тушту коргондон,
Айбалтасын колго алып.
Болокпай кылган айбалта.
Жарганы карыш чоң балта.
Как ыргайдан саптаткан.
Карыларга мактаткан.
Куркуронун кун чарык,
Булоосуно булогон.
Каарына алганда,
Кытайдын канын тилеген.
Айбалтасын алды ошол,
Аянбай Кулус барды ошол.
Карс дедире бек чаап,
Карап тура калды ошол.
Кол которгус чоң кулпту,
Ыргыта чаап салды ошол.
Кулпун чаап талкалап,
Кулусуң басып талкалап.

Абасына кеп айтты.
Абыдан созду эми айтты.
Санааза ар нерсе келтирбей,
Сабыр кыл аба деп айтты.
Акундун кызы Айчурок,
Аябаган молтолу.
Пеерининн кызы болгон соз,
Бизден аба коркобу.
Тигилерге коону жок болсо,
Издеп бизге жортобу.
Кыздар турса кылактап.
Атлас койнок булактап.
254. б. Келиндер турса келберсип.
Кесири бизди жезгенсип.
Уктаган айып бизде деп.
Урушкан айып сизде деп.
Аста басып байпаздап,
Айчурокту издеп.
Чынкожо менен Толтойго,
Чын жери Чурок коону жок.
Келберсиен Чуроктун
Кеткенинде оону жок.
Биз ойлонбой уктап калган соз
Олтурар Чурок жону жок.
Айланайын абаке,
Айткан созум билгин деп.
Эрлигизди карматып.
Бул созумо киргин деп.
Акундун кызы Чуроктун,
Бугун баргын койнуна.
Кубулжуган перинин,
Кумарыз кансын ойнуна.

Колуздy арткын абаке,
Короздой болгон мойнуна.
Айткан сезум алгын деп.
Айчуроко баргын деп.
Аттын терин кайтарып,
Бугун найза салгын деп.
Кубулжуган Чуроктун,
Койнуна бугун баргын деп.
Аппак этин кылайтып.
Ак эмчегин булайтып.
Армандан чыгып сыр айтып.
Абыдан созго кангын деп.
Акундун кызы Чурокту,
Чалкасынан салгын деп.
Айымызыз Чуроктон,
Армансыз болуп калгын деп.
Эрке кулус камданынып.
Абасына айланып.
Эр Семетей султаныз,
Эрке кулус чунактын.
Эрлигине тазданып,
Чурокко басты шазданып.
Букары кызыл тон менен
Буластап басты жол менен.
Аркасынан Кулчоро,
Кылычын кыя байланып.
Жоо жарагын шайланып.
Буурулду минип койкоюп.
Сыр найза колдо койкоюп,
Абасынын артынан,
Жонап калды бойпоюп.
Эр Семетей султаныз

Эрикпеген шумпайыҫ.
Кулчоросун эрчитип.
Озун озу эрсинтип.
Аста басып шыпылдап.
Алгыр куштай зыпылдап.
Эстегенде чурокту,
Эт журогу зырпылдап.
Бала Кулус чунагыҫ.
Баатырлыгын билгизип.
Багымды абам бишэр деп,
Пайдасын мыктап тийгизип.
Акун кандын ордого,
Абакесин киргизип.
255-б. Таҫ атканча кочодон,
Жан адамды жургузбой.
Кочого адам киргизбей.
Кузотчуну жургузбой.
Кутуп турду Кулусуҫ,
Ким женин билгизбей.
Эр Семеҫдин кеби бар.
Эрикпей угаар эби бар.
Эрке Чурок теҫи бар.
Кашкаҫдаган Чуроктун,
Кай жеринде кеми бар.
Манастын уулу Султаныҫ,
Айчуроктун койнуна,
Баратурган жону бар.
Баатыр ~~Султан~~ Торо Султаныҫ.
Бала туйгун шумпайыҫ.
Капкадан кирип караса,
Ажайып корду тамаша.
Кылкылдаган кузотчу,

Кырка тугат жанаша.
Кузотчусу жуз жен,
Эр Семец турут санаса.
Кылыч, канжар белинде.
Мылтыктары ийнинде.
Чокморлору колунда,
Турган жен жуз сакчы.
Дарбазанын жолунда.
Оц жагында чырмасы.
Бара баатыр жыласы,
Сол жагында чырмасы.
Бул дагы баатыр жыласы.
Аркасында чырмасы.
Ал дагы баатыр жыласы.
Эшигинин алдында.
Эрлик кылчуу кыркы бар.
Кадамдан бери Акундун,
Кузотчу койчу салты бар.
Калыц турмон калкы бар.
Кан Акундун баркы ~~баркы~~ бар.
Эшигинде жуз сакчы,
Турган жен каркы бар.
Тун ортосу мезгилде.
Уйку басып укташып.
Айбалтага суйонуп,
Бирине бири ыкташып.
Аягы менен тик туруп,
Козу уйкуга барыптыр.
Карап туруп коз корбой,
Каалгып уктап алыптыр.
Муну коруп эр Семец.
Бура тартпай эр немец.

Аста басып зыпылдап.
Аралап отту шыпылдап.
Кайтарып турган кузоту,
Корбосун деп кыпылдап.
Панары турат баркырап.
Шамы турат жаркырап.
Кундузгудой жап жарык.
Корунуп турат баары аныс.
Ичи-тышы бип бирдей,
Куйум шамы парпырайт.
Куйуптурган панары,
Кундузгудой жаркырайт.
Эр Семетей султаныз,
Аста басып кидирбей.
Караптурган сакчынын,
256-б. Эч бирине билинбей.
Акун кандын уйуно,
Аста кирди илинбей.
Алтындан кылган тактада,
Акун уктап жатыптыр.
Каш-кабагын чулчуйтуп,
Кан уйкуга батыптыр.
Коро салып эр Семез,
Озу баатыр эр немез.
Кана баатыр Акун дейт.
Кылган иши макул дейт.
Олуялык себептен,
Бир алланын озуно,
Пендесинен жакын дейт.
Баатырдын козу ачылып,
Мукамдан ашкан жан болсо,
Алга куруп ак иштеп.

Каспети бар болсо.
Карамында билбесин.
Караматта туйбасын.
Кечип отуп кетти деп,
Кейип калып журбосун.
Деп эр Семец токтурду ошол.
Эцилип салам кылды ошол.
Салам айтып Акунга,
Чурокту коздой журду ошол.
Эрке Чурок уйуно,
Эр Семец барып кирди ошол.
Айчурокту коргондо,
Абыдан козул болгондо.
Кашкайып Чурок жаткан соц,
Карайбы Султан олгонго.
Ак суптан кылган курмосун,
Алтындан кылган туймосун.
Бирден чечип чыгарып,
Алыпкойду башына.
Эрке Чурок кашканын,
Элден-журттан башканын.
Эр Семец барды кашына.
Амиркан жеке отук,
Буттан чечип суурун.
Перинин кызы Чуроктун,
Заманасын куурун
Тобардан кылган кошого,
Тутамдап кармап турду ошол.
Туйгун тура султаныц,
Туурасынан кирди ошол.
Айчурок чочуп ойгонду.
Ар нерсени ойлонду.

Каршы созун коп айтып,
Кара кашка жойлонду.
Апей коток сен кимсиз,
Татай коток сен кимсиз.
Мен Айчурок болгону,
Чурок атка конгону.
Келиштирип куркурап,
Акун кан салды ордону.
Устумо адам киргизбей,
Уруксатсыз жургузбой.
Нечелеп бакты энекем.
Жан адамга билгизбей.
Эрке Чурок болгону.
Устумо адам кирген жок.
Бейбаштык кылып жан адам,
Жаныман адам жургон жок.
Энемден башка жан адам.
257-б. Жаткан жерим коргон жок.
Кайдан келген адамсыз.
Уялбай кирген ордодон.
Акун кандын торундо,
Уруксатсыз жойлогон.
Умут кылып Чуроктон,
Устуно келип ойногон.
Мен атам Акун кан.
Бериштелуу баатырдан.
Эшигимде сакчым бар.
Истеп мени бакчуум бар.
Башында кудай жаратып,
Маздайга жазгам бактым бар.
Мен сакчыларды чакырсам,
Талап кетет озузду.

Адеби жок цуру деп,
Укпайт сенин созуңду.
Деп ыргыт Чурок турганда.
Ошол созду урганда.
Эр Семетей кеп айтты.
Эрлик менен бек айтты.
Эрке Чурок оолукпа,
Эриң келдим деп айтты.
Мейман болуп таластан,
Жериң келдим деп айтты.
Сандырганду Семетей,
Бегиң келдим деп айтты.
Атпай кыргыз алаштан,
Дайын келдим деп айтты.
Айчурокко кайындап,
Кайын келдим деп айтты.
Чурок сенин озуңо,
Калыңбердим деп айтты.
Атам Манас султандын,
Малын бердим деп айтты.
Кулчорону жиберип,
Кабар бердим деп айтты.
Айчурок, сенин созуңду.
Айтып турган озуңду,
Чоң Ургончтун боюнда,
Дайын кордум деп айтты.
Ылайык тура озумо,
Айым кордум деп айтты.
Акун кандын салдырган,
Жайын кордум деп айтты.
Арзып тапкан Семетей.
Байыңкелдим деп айтты.

Коруп келдиң катымды.
Билип келдиң баркымды.
Дабан ашып, таш басып,
Далай тарттым дартыңды.
Алып келдиң кушумду.
Коруп келдиң журтумду.
Кара кашка тайым деп,
Кетирбегин курчумду.
Сал кулагыңз созумо,
Сагынып келген озумо.
Салба Чурок сыртыңды.
Сынатып алдыңз тынчымды.
Сагынтып алдыңз уйкумду.
Ач койнуңду чурок деп.
Абыдан бышты журок деп.
Илесалдуу жан болсо,
Бир созундо бар болсо.
Бул созумо кирет деп.
Пери кызы Айчурок.
258-б. Менин жайым сыйласаң,
Ойкуштаган долу куңз.
Ойноп айтып журот деп,
Керебеттуу тактадан.
Мамык кылган пактадан.
Айчурокту сурду ошол.
Аярлыгын билди ошол.
Атлас корто ичине,
Асыл тороңз кирди ошол.
Эми Чурок кеп салды.
Кеп салганда не салды.
Абамдын цулу Султаным,
Бул ишиңз айып деп айтты.

Менин өзумгайыт деп.
Бул кылганыҗ айыт деп.
Нике кыйыт, кутта окуп,
Качан болдум зайыт деп
Уламадан укканмын.
Аалым окуп мектептен.
Ибарат алыт китептен.
Молдо болуп чыкканмын.
Окумак турсун дарс окуп,
Мударист жыкканмын.
Нике кыйыт, кутта окуп,
Алыт жатсаҗ алалдеп
Шариятсыз жатканыҗ
Жанга жабыр залал деп.
Ушул ишиҗ куно деп.
Акиретке барганда,
Ак байгамбар турганда.
Куноҗ болот коп деп.
Била салды Султаным.
Бир кун сабыр кылгын деп.
Эртеҗ нике окутуп,
Эрмек кылыт тургун деп,
Аманатыҗ сакталуу.
Алыт тором тынгын деп.
Айтыт созун урду ошол.
Айчурок суйлоп турду ошол.
Эми эр семеҗдин созу бар
Эр, кылычдай озу бар.
Акундун кызы Чурокко,
Айтар создун кези бар.
Кашкаҗдаган Айчурок,
Кабардар болгон созумдон.

Созумду уккун озумдон.
Келтирди кудай кезимден.
Чындап уйкум ачылып.
Чыктадыҗ Чурок жимден.
Кара каска ойкуштап,
Бул мунозуҗ жирген.
Эжиргенден айчурок,
Кутулбайсыҗ кесирден.
Кырымда окуп кат билдим.
Окуп аалим бат билдим
Мударистен уйронуп,
Мунун баарын жат билдим.
Акун кандын долусу,
жок созумдун катасы.
Жаш кезинде кудалап,
Бата кылып атасы.
Нике болот Айчурок,
Атанын кылган батасы.
Менин никем кыйылуу.
Сенин напсиҗ, мен эриҗ
Кандайлыктан тыйылуу.
259-б. Айлансам болот арбакка,
Атам маркум Манаска.
Ордо салып жей кылды,
Олуя-Ата, Таласка.
Карматты атам кан кылып,
Казак, кыргыз алашка.
Менин никем башында,
Болуп калган жашымда.
Акундун кызы Айчурок,
Бул созду менден талашпа.
Деп эр Семетей султаныҗ.

Айтып турган кезинде.
Чачикейинин бир созу.
Турган экен жинде.
Эрке чурок кеп салды.
Кеп салганда деп салды.
Айланайын, Султаным,
Айткан созуц уктум деп.
Акыйкаттуу чын жерден,
Айчурокту жыктыц деп.
Айтатурган арзым бар.
Ичим толгон дартым бар.
Чачикей менен Таласта,
Кылып келгон антым бар.
Абабидын уулу Султаным,
Айым десец озумду.
Арданганым ошонго,
Абыдан уккун созумду.
Шатмырдын Чачыке,
Доолотузо жирдиц.
Торомду сага бербейм деп.
Абыдан кылды кесирди.
Жаман созду коп айтты.
Жанга батчу кеп айтты.
Акун кандын эскиси,
Кайдан келдиц деп айтты.
Эскини тором албайт деп,
Иттикине барбайт деп
Эски долу кыдырып,
Эрдин несин тандайт деп.
Карыны тором албайт деп,
Кашына жакын барбайт деп.
Калк кыдырып кары куц,

Эрдин несин тандайт деп.
Куйбогон жерим кул кылган.
Козулумду зил кылган.
Ошондо Чурок айтканмын.
Убада кылыт кайтканмын.
Тором барса ургончко,
Жолукту Чурок бир канча.
Шатмырдын Чачыке,
Сандаларсыз бир кезде.
Чачыке менен тызданыт.
Эже, сизди кел дешит,
Шарт кылганмын журбоско.
Шартым кабыл корсозуз,
Айткан созго консозуз.
Абамдын уулу Султаным.
Тилегимди берсезиз.
Алдым, болдум озузо.
Абыдан кирдим созузо.
Шатмырдын долусун,
Катыным деп айтпасаз.
Кылыткойгон шартыздан,
Кылайыт тупту кайтпасаз.
260-б. Айчуроктон жоопсуз,
Чачыкеге жаттайсыз.
Козурсуган долунун,
Колунан тамак таттайсыз.
Бул созумо конбосоз,
Чурокту кабыл корбосоз.
Теруу дуйно жузундо,
Тилегимди бербесез.
Бекер Чурок сындаба,
Мени алам деп чындаба.

Арзыбаган аз ишке,
Абамдын цулу булгаба.
Чачыкени кыйбасаз,
Шатмырызды сыйласаз.
Баатыр торо Султаным,
Кулак салгын созумо.
Ачык айтып ак суйлоп,
Жоп бергин созумо.
Адамзат дунуйосуз,
Арман кылып даг отом.
Эр озуздой болгон соз,
Эрге тийбей так отом.
Жумуру башка не келбейт,
Жумуткадан ак отом.
Азыр учуп кетем деп,
Кетегенде нетем деп.
Койкаптагы периге,
Козумду жумсам жетем деп.
Акундун кызы Айчурок,
Айтып отту окшомду.
Байкап созун Султаныз.
Манастын цулу козголду.
Акундун кызы Айчурок,
Айтатурган созум бар.
Кулак салып эшитип,
Кебимди угаар эбим бар.
Аттай алаш элим бар.
Аксуу, Талас жерим бар.
Айчурок сенден коркпойшун.
Алда канча демим бар.
Менин кыргыз калкым бар.
Кан Семетей баркым бар.

Калыз кыргыз калкыма.
Калкымда кочмон салтым бар.
Шатмырдын долусун,
Катыным деп айтпаска,
Бир созумдон кайтпаска,
Мурундан кылган шартым бар.
Мен ургаачы эмес, эркекмин,
Башында кийген боркум бар
Шатмырдын долусун,
Не кылам десем эрким бар.
Кыяматта долуну,
Катыным деп айтпаска.
Сенден мурун шартым бар.
Шатмырдын Чачыке.
Оосарлыы билинди.
Оюндун жайын билбестен,
Оорутхан менин дилимди.
Кесепетин карматып,
Келтирген менин жинимди
Айылга басып алжаздап.
Алган эмес тилимди.
Шатмырдын долусун,
Катыным деп айтпаска.
Кылыткойгон шартымдан.
261-б. Кыл деп тупту кайтпаска.
Ушундай касам кылганмын.
Чачикеден тынганмын.
Тагдырдын жазуун ойлонуп,
Сабыр кылып турганмын.
Ишенбесез Айчурок,
Жана шартым ушул деп.
Ак келтенин огу урсун.

Ак милтенин чогу урсун.
Акундун алтын тагы урсун.
Атам Манас султандын
Арбагы дагы урсун.
Кайнардагы ак мазар,
Кан кожом тиккен багы урсун.
Он эки ыймам кырк чилтен,
Гайып болгон эр урсун.
Ак байгамбар пир урсун.
Асрет Валы шер урсун.
Деп Манастын уулу эр Семез,
Эрикпеген эр немез,
Бала каздай балпайтып,
Басып калган жери ошол.
Баркын билген Чуроктун,
Баатыр султан эр ошол.
Кыз коргондо эр жигит,
Кыянат созду урчубу.
А бу деген созуно,
Аял кылып турчубу.
Туурасы тутам эки эли,
Узуну карыш уч эли.
Торокуздун сабылы,
Кыз коргондо кучоду.
Жоон сандын чакмак эт,
Жаны куюп киргизип.
Жарагын Султан билгизип.
Тук корбогон Чурокту,
Тундук бою туйултуп.
Тупкучтой белин ийилтип.
Ийнин басып ныгырып.
Имере тартып кымырып.

Жан корбогон Айчурок.
Жалыныт ыйлат чызырыт.
Тобардан кылган ак жоолук,
Тутамдай кармат шытырыт.
Ичкен ашы бал болут,
Иш кылалбай дал болут.
Шайыдан кылган ак шейшет
Кызыл жаян кан болут.
Сарайга султан салган соз,
Сары суу тогут алган соз.
Айкалышыт Чуроктун,
Абыдан кумары канган соз.
Акундун кызы Айчурок,
Сыныма султан толду дет.
Талыма булбул конду дет.
Таз мезгили болду дет.
Ишин, созун туйгузут,
Торосун Чурок тургузут.
Эркелигин билгизит.
Элким уйго киргизит.
Кубаныт коонун тындырыт.
Кусул даарат кылдырыт.
Жайлат кийимин кийгизит.
Сарамжалдуулугун билгизит.
Коштот чыгыт торосун,
Дарбазадан чыгарыт.
262-б. Акундун кызы Айчурок,
Турут калды буралыт.
Султан чыгыт кочодон,
Кулчоросун караса,
Кандай жорук кылды дет.
Айлантыт санаа санаса.

Таз атканча Кусуз.
Кулчоронун журушун.
Чардайт салыт кочодо.
Жашырынып турбастан.
Таласта кылган Султандын,
Жардыгын эки кылбастан.
Жантайып жерге жай алып,
Жарым минут тынбастан.
Кан кочосу бекем деп.
Журбосун адам бекер деп.
Кочого адам жургузбей.
Кузотчуну киргизбей.
Акун кан жардык салды деп.
Аты жонун билгизбей.
Сопуга асан айтырбай,
Соопко тесме тарттырбай.
Кочонун ичин чаздатып.
Кой адамды зарлатып.
Турган жен Кулусун.
Жаратты Султан бул ишин.
Кулусту коруп кубанып.
Кызматына жубанып.
Эр Семез туруп кеп айтты.
Эрке Кулус деп айтты.
Алаш колдон куш качып.
Айчуроко туш качып.
Кырк кун болду укканы.
Аттанып уйдон чыкканы.
Кундо чалгын чалам деп.
Аман болсун абам деп.
Алыстан келген душмандан.
Асырап сактап багам деп.

Ат устунон жай алып.
Сыр найзаңды таяныт.
Кара жаныңз мен учун.
Калбадыңз тутту аяныт.
Урушка тууган чунагым,
Уктабадыңз кынарыт.
Жулунду жарат эрдигиңз.
Жургонуңздун баары арыт.
Атка минит эр басыт.
Адам болуп сыр басыт.
Жанымда Кулус турганда,
Жалгыз минтип айтаймын.
Жаным аман турганда,
Бул шартымдан кайтаймын.
Айлансам болот атыңдан.
Атка мизген котуңдон.
Айнектей болгон козуңдон.
Баркымды билген озуңдон.
Балалыгыңз билгизбей,
Айткан ширин созуңдон.
Илгери басыт душмандын,
Илимин таткан жиңден.
Деп Кулчорого жалыныт,
Эр Семеңз суйлоп турду ошол.
Эрке Кулус соз баштап,
Эрмекти кабат кылды ошол.
Айланайын абам деп.
Асырап баккан агам деп.
263-б. Келип турса чамам деп.
Мындан нече багам деп.
Акундун кызы Чурокко,
Абам Султан бардыңбы.

Анын терин кайтарып,
Бугун намыз алдыҗбы.
Кыйгаштаган Чурокту,
Чалкасынан салдыҗбы.
Коондой кылып жардыҗбы.
Колунан намыз алдыҗбы.
Же алдатып коюп чурокко,
Арманда болуп калдыҗбы.
Эрмигиҗди карматып,
Эсен болсо даяр деп.
Салкар жолго салдыҗбы.
Аныкайткын сырыҗды.
Абыдан айткын чыныҗды.
Жалган соз сизге эп эмес.
Колуҗда турат кылым деп.
Суйлоп турду кулусуҗ.
Кулчоронун журушун,
Бала кулус чунактын.
Жаратты Султан булгишин,
Абасы султан кеп айтты.
Аныкозду эми айтты.
Бардым Чурок койнуна.
Куносун койдум мойнуна,
Кубулжуган жеҗеҗдин.
Кумарым канды ойнуна,
Акун кандын торундо.
Чурокту бекем кармадым
Эрегиш кылып Чурокко.
Элким уйун жандадым.
Айчурок атып абакеҗ,
Алты ша бараҗ кандадым.
Алыстан сапар жол тартып.

Аны учун Чурок тандадым.
Айчурокко алдатып.
Арманда болуп калбадым.
Барарда айткан созуздy.
Кулусум бекем кармадым.
Акун кандын уйундо,
Аянбастан жандадым.
Перинин кызын белге атып,
Кадимки чаткал жерге атып.
Жезезди суйуп жандадым.
Кубулжуган жезездин,
Куйругун мыктап майладым.
Ашыгып жургон долунун,
Абдан коонун жайладым.
Деп торо, чоро кулушуп,
Ички сырын билишип.
Кочо менен журушуп,
Сарайга келип кириши п.
Ал аңгыча болбоду,
Жаркып чыгып кун тийип.
Куйоо, нокор дил суйуп.
Кундо коруп турсак деп.
Кыздын баары жыйналып,
Кызмат кылып чыйралып.
Айтып созун тыздашып.
Абыдан сырын сындашып.
Куйоону балдыз кордошуп.
Муздуу создон баштатып,
Мусапырды ырдатып.
264-б. Баатыр торо башында.
Эрке Чурок кашында.
Жата турсун жыргашып.

Эми Чынкожонун кеби бар.
Чындап айтаар эби бар.
Убада кылган уч айга,
Чурокту алаар деми бар.
Чынкожо, Толтой баш кошуп.
Эртиш, Токоат кошуп.
Сарбаздын уулу Таканак.
Сайрап суйлоп соз кошуп.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Убада кылды уч айды.
Айчурокту бермекке.
Айчурокту бербесе.
Аянбастан атышып,
Анан кирем эрмекке.
Эр Туманбай баатырга.
Тумонбай турсун Акунга.
Баатыр Токо барсын деп,
Барып созго кансын деп.
Тумонбайдын жообун
Аныкбугун алсын деп.
Убада созго бар болсо.
Айткан созго шай болсо.
Кадуу жондун белине,
Мазар талдын ченине.
Баштап алып келсин деп.
Келип жооп берсин деп.
Баатыр Толтой, Чынкожо.
Башкарып калкын имерди.
Барып алып келгин деп,
Эр Токону жиберди.
Кыл жейренин каргытып.
Оозунан кобук баргытып.

Жарчы башчы эр Токо.
Жарылдаган эр ошо.
Тумонбайдын алдына,
Салып келген жер ошо.
Келип Токо кеп айтты
Кеп айтканда нени айтты.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Май-Добонун белине.
Мазар-Талдын тубуно,
Келсин саны деп айтты.
Аял кылып турбастан,
Азыр келсин деп айтты.
Айчуроктун жообун,
Азыр берсин деп айтты.
Деп эр Токо суйлоп турду ошол,
Эрлик созун урду ошол.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Тулкудой кызыл ат минип.
Туркмондон окуп кат билип.
Кашканын уулу Каманбай.
Калдо кызыл ат минип.
Тушундо окуп жат билип.
Кагаздан окуп кат билип.
Каттын баарын жат билип.
Ала байтал Ажыбай,
Акылга дыйкан данышман.
Айрылган жок туура айтып,
Айткан созду калыстан.
Эки азамат баш кошуп.
Жоноп калды турбастан.
265-б. Барып жооп айтмакка,
Артына кылчаз кылбастан.

Эр Тумонбай кеп ойлоп.
Озуно жаккан деп ойлоп.
Эрлик менен Тумонбай,
Жаккан созду эми ойлоп.
Каманбайга кеп айтты.
Абдан уккун деп айтты.
Ажыбайга кеп айтты.
Арзымды уккун деп айтты.
Ичимдеги сактаган,
Дартымды уккун деп айтты.
Чынкожо менен Толтойго,
Айчурокту бербейсмин.
Семетейдин кордугун,
Берип коюп корбойсмун.
Озум баатыр Тумонбай
Зордугуна конбойсмун.
Азелде жазуу ошондой,
Ажал жеттей олбоймун.
Чынкожо менен Толтойго,
Олчошуп калдым беттешип.
Кара жанды аярдап,
Качканым жок четтешип.
Торт ай болду тыныгып,
Ат семирип дык болду.
Эр тыныгып бук болду.
Аскерим даяр жок болду.
Аянбастан атышып,
Кызыл канга батышып.
Ажал жетип, окко учкан,
~~Кызыл канга батышып.~~
Жерге сулап жатышып.
Болот Туркмон балдары,
Бут жыйылып чок болду.

Эр Каманбай, Ажыбай,
Жедигер менен ноготтун.
Жер кесип булар ит болду.
Мурунку созду танбаймын.
Бул шартымдан жанбаймын.
Чынкожо менен толтойду,
Бу кун да барып алдаймын.
Акун кызы белен деп.
Айчурокту берем деп.
Семетейден келгенди,
Нак тобомдон корем деп.
Тумонбай салат адатын,
Алдам алам кара атын.
Кара ат колго тийген соз.
Тумонбайдын коргун санатын.
Кара атынан айрылса,
Катындан карып кул болчу.
Эр Каманбай, Ажыбай,
Кылаар ишим бул болчу.
Торт ай убада буткон соз,
Кан тумонбай бармакмын.
Айчурокту берем деп,
Кара атын алдап алмакмын.
Кашканын цулу Каманбай,
Ала байтал Ажыбай,
Бул сырымды уккун деп,
Атка минип чыккын деп.
Чынкожо менен толтойду,
Азаматтар жыккын деп.
Козулуцо туйгун деп.
Коз алдыма жургун деп.
Кудай берсе тилекти

266-б. Кубандырса журокту.
Берекесиз иттерге.
Бербейлик тутту чурокту.
Деп Тумонбайдан кеп ~~болгон~~ угуп.
Озуно жаккан деп угуп.
Айчурокту бербеске,
Ант кыламын деп угуп.
Эр Тумонбай, Каманбай,
Акылга дыйкан Ажыбай.
Май-Добонун белине,
Болжол кылган жергине.
Салганбойдон келишти,
Келип салам беришти.
Чынкожо, Толтой баатырга
Аттан тушпой корушту.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Келгенине кубанып,
Айчурокту алдык деп,
Суйунгондон жубанып.
Уч ай кылган убада,
Жалган созго ынанып.
Аттан тушуп олтуруп,
Абыдан кезеш толтуруп,
Откон-кеткен созду айтып,
Суйлоп созун болтуруп.
Эр Чыцкожо кеп айтты.
Эрлик менен бек айтты.
Уч ай турсун торт айык.
Бутун отту Тумонбай.
Убадацда бар болсоц,
Чурокту бергин деп айтты.
Кайнага болгон Тумонбай.

Кайраттуу баатыр Каманбай.
Акылга дыйкан Ажыбай.
Айт созуңду наалыбай,
Торт айданбери жатасыңь.
Чынкожону тааныбай,
Эр Толтойду эскербей.
Эрегишип кеп бербей.
Мыктысынып жатасыңь.
Айткан созду эт корбой.
Алыстан келген куда деп.
Куданын жолу мына деп.
Изат кылчу куйоо деп,
Куйоо кылчуу жуйоо деп.
Союшка берген тайыңь жок,
Изат кылган чайыңь жок.
Бермин деп Чурокту.
Кутура турган сайыңь жок.
Жанажандан соз айтып,
Убада бир, уятыңь жок.
Эр болсоңь чыныңды айт,
Ичиңдеги сырыңды айт.
Бербес болсоңь Чурокту,
Эрегишкендигиңди айт.
Ургенчтен Чыгарбай,
Камап туруп аламын.
Каражандан туңултуп,
Сабап туруп аламын.
Асмандан окту жаадырып,
Алты атардын жез огун,
Кабыргаңа тим эле.
Кадап туруп аламын.
Айт сырыңды угам деп.

Аскер менен чыгам деп.
Эрегиштим Тумонбай.
267-б. Бугун сени жыгам деп.
Каршылык кылсаң созумо,
Кара жерге тыгам деп.
Ачуусу жаман тез келип.
Айтып созун откоруп.
Ыргып турду Чынкожо.
Айбалтасын которуп.
Тулкунун цулу Тумонбай,
Чыңкожодон аянбай.
Бул созуно Камалбай
Ыргып турду душмандай.
Кызы талак Чыңкожо,
Бул кандай тез кожо.
Чурокту коркуп бергеним.
Олгон жерим чың ошо.
Айбалтасын корсотуп.
Сенин атаңдан калган темирби.
Арбак урган Чынкожо,
Айбалтаңдан жеңилби.
Чурокту коркуп бергеним.
Аз кундук корор омурбу.
Деп бу да келди булкунуп,
Созго келбей жулкунуп.
Эртиш менен эр Токо,
Чынкожону кармашып.
Эр Каманбай, Ажыбай.
Тумонбайды кармашып,
Ярачалап алышып,
Аңгеме созго барышып.
Акылга дыйкан Ажыбай,

Айтып созго кирди ошол.
Туйгундугун карматып.
Ара созго журду ошол.
Тумонбайдын ойлонуп,
Айтаар созун билди ошол.
Жедигердин эр Толтой.
Угуптургун созумду.
Чакырып келип Чыцкожо.
Уят кылды озумду.
Ачып кара козуцду,
Абыдан жыйна жицди.
Шыгайдын уулу Чынкожо.
Кандайлыктан жирдиц.
Тарынганы тай болсо,
Сагынганы май болсо.
Тайын союп жын кетсин.
Тамака тойдум деп кетсин.
Чуроктю кону бар болсо,
Каратын тартып откоссун.
Кайнага болсо Тумонбай,
Кашында турса Каманбай.
Айтып созун уктуруп,
Алдында турса Ажыбай.
Бул немене кылганы,
Кайнагасын тааныбай.
Торт ай кылган убада,
Аныц бутту эр Толтой.
Убада кылып кармаган,
Жаныц бутту эр Толтой.
Тайыц союп жеп алып.
Тамак ичип дем алып,
Жедигердин эр Толтой.

Жети суу жете кой.
Жети сууга барбасаң.
Опол тоого кете кой.

268-б. Кайнагаңа катылып.
Ушул ишке чатылып.
Айып сенде Чынкожо,
Тамак учун тарынган.
Тай этине зарылган.
Майып сенде Чынкожо.
Чурокту качан бербеим деп.
Бул созуңо конбойм деп.
Тумонбай качан сен айттың.
Чурокту бербейм деп айттың.
Айчурокту мен билем.
Тумонбай менен тең белем.
Тупку жайын айтайын,
Туп атабыз Теиштен.
Олуялык себептен,
Жаннатта жаны беиштен.
Теиш кандын балдары,
Жамгырчы, Дуулат бир туган.
Наркын бурбай Туркмондун,
Намыздын жолун бир куган.
Дуулаттын уулу Акун кан.
Акун кан Тулку бир туган.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Туркмондон чыккан эрлерден.
Жамгырчы уулу Осмонбек
Узатып колун созгон бек.
Чркончтун калкын калап,
Душмандын жолун тоскон бек.
Атам Осмон баатырдын

Тулпар чыкты байталы.
Ала байтал буудандын.
Аз гана жайын айталы.
Чурокту тартып алам деп.
Эр Чынкожо жездемдин,
Мага жугуп калды шайтаны.
Ала байтал ажыбай
Байталдан калган атагым.
Которбоймун эр Толтой
Чынкожонун чатагын.
Осмон атам бек болгон.
Калкына созу эт болгон.
Осмондун уулу Ажыбай,
Чынкожого не болгон.
Кайнаасын тааныбай
Каршылык кылба Чынкожо,
Кармашамын, баатырмын.
Коп жедшер, нойгутпун
Корун казып жатырмын
Элдикте кунуз бар болсо,
Айткан созуз шар болсо,
Айткан созум эт корсоз,
Акылга туура деп корсоз,
Толтой менен Чызкожо,
Бул созумду билиз деп.
Тумонбай менин ингим деп.
Суйлойтурган тилим деп.
Сыйлакаку бир баатыр,
Коро турган кунум деп
Карындашым Чурокту,
Кордук менен бербеймин.
Толтой менен Чынкожо,

Сенден кордук корбоймун.
Башым аман турганда,
Зордугуза конбоймун.
Ажалым жетип кун бутпой,
Чынкожо сенден олбоймун.
269-б. Карындашым Чурокту.
Эрлик менен беремин.
Куда болуп жарашсаң,
Теңдик менен беремин.
Калыңайдап, мал алып,
Элдик менен беремин.
Биздин турктун наркы деп.
Билсеңсоздун баркы деп.
Айыпка токсон ат бергин.
Атамдан калган саяты деп.
Кызга калыңмал берсе,
Улатурган анты деп.
Жалпы журтту бут жыйса.
Жардам болот калкы деп.
Кан Чынкожо, эр толой,
Калкка созуң шар кылгын.
Кара атты баштап токсон ат.
Баарын бирдей пар кылгын.
Калыңберип той союп,
Мойнун кайрып кой союп.
Куда болуп кур чашып,
Кудагыйлар ун чачып.
Куйоо барып кайындап,
Элге журка дайындап.
Суруп-Суруп мал айдап.
Суйру оркочтуу нар айдап.
Калыңга кабат мал салам.

Салган малга бел байлап,
Акун канга барасыҥ.
Анан Чурок аласыҥ.
Малдан качсаҥ Чыкожо,
Как талаада каласыҥ.
Кантип Чурок аласыҥ.
Оюн эмес, чын созум,
Отол тоого барасыҥ.
Деп акыла дыйкан Ажыбай.
Айтып тура калды ошол.
Сур кийигин чулгутуп,
Туура тартып турду ошол.
Чынкожо турду кулдук деп.
Бул создо жок шумдук деп.
Азраак айып кылдык деп.
Ушул созго сындык деп.
Айып менин мойнумда.
Жазасын тартып тындык деп.
Кайнага болгон Ажыбай,
Кайраттуу баатыр Каманбай.
Калктын башын кармаган,
Кан кайнагам Тумонбай.
Айып менден отту деп.
Отбогондо нетти деп.
Анча-мынча аксым соз.
Оозуман чыгып кетти деп.
Азыраак айтым кесир деп.
Айыбымды кечир деп.
Айыбымды кечкен соҥ,
Аянамын не син деп.
Эркелейм деп силерге,
Эми кирди эсим деп.

Эрк озуңдо Тумонбай,
Аябай калыңжейсиңдеп.
Токсон эмес, жуз кара ат,
Баарын семиз туз кылам.
Жарашыктуу пар менен.
Жабууларын киш кылам.
Коргон жандын баарысын,
Коруп откон туш кылам.

267. б. Тартынбаймын бул иштен,
(бул сан жаңылыш. 270 болуш керек жен ж. К.).
Таңажайып иш кылам.
Кара атымды баш кылам.
Баарын бирдей саз кылам.
Калыңмалга тартынып,
Кантип малды аз кылам.
Айткан созуңжар кылам.
Атпай журтка шар кылам.
Кундуздай кара жуз атты,
Баарын бирдей пар кылам.
Тойго берген малымды,
Токсон кызыл нар кылам.
Нардын усту кур эмес,
Нарга жуктоп зар кылам.
Тумонбай сенин озуңду,
Жедигер менен нойгутка,
Туркмонго кошуп кан кылам.
Кара калыңмалыңды,
Озуңбилип, озуңал.
Эр Тумонбай кайнага.
Ушул айткан созум ал.
Азыр тартуу кылам деп.
Тумонбай менен тынам деп.
Шыгайдын уулу чынкожо.

Гумонбайдын алдына.
Гартып калды кара атын.
Бабасынын санатын.
Эр Гумонбай баатырыц,
Эми тапты акылын.
Аста жайлап соз айтып,
Соз айтканда тез айтып.
Айыбызды кечтим деп,
Кечмек турсун оттум деп.
Куда болуп калган соц.
Кечпегенде неттим деп.
Кара атызды Чынкожо,
Калыц малга алам деп.
Изат менен алдым деп,
Калкка кабар салам деп.
Чынкожого Чурокту,
Бермек болуп келдим деп.
Эми Акун канга барам деп.
Айтып жоот алам деп.
Кудагыйлар кара аттын,
Маздайына келтирип,
Аяктай кебез байласын.
Калыц малын айдасын.
Ажыбай айткан токсон ат,
Бир да бири калбасын.
Айчурокту бердим деп.
Эрте эрте келгин деп.
Толтой менен Чынкожо,
Изатымды коргун деп.
Бул созумду ойло деп.
Эртец келбей койбо деп.
Куда барып тушкон соц.

Эл жыямын уч кун деп.
Элдин баарын чакырып.
Той беремин жуз кун деп.
Ажыбайга эт келди.
Эми мага кеп келди.
Карындашым Чурокту.
Тумонбай озум билем деп.
Билгенден сага берем деп.
Кадырызды корем деп.
Чурок сенин булоц деп.
Кара атызды минем деп.
268-б. Баатыр Толтой, Чынкожо,
Угуптурсун кубоц деп.
Баатыр Толтой, Чын кожо,
Барбы менден куном деп.
Акыл ойлоп ар турлуу,
Айтып турду Тумонбай.
Кара атты эттеп алмакка,
Не кылаарын биле албай.
Тумонбайдан кеп угуп,
Чурокту берем деп угуп.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Эртиш, Кабан, эр Токо.
Сарбаздын цулу Таканак.
Сайрап созун такалап.
Тура калып кулдук деп.
Куда болуп тындык деп.
Баары кулдук кылган соц.
Маслаат созу тынган соц.
Эр Чынкожо кеп айтты.
Эрип созду эми айтты.
Эртец эрте барасыц.

Убадам ушул деп айтты.
Кан Тумонбай кайнагам.
Жардыгыҥ жалган кылбайм деп.
Жанымды аяп турбайм деп.
Чурокту албай тынбайм деп.
Кара атымды берем деп.
Калыҥ малыҥ билем деп.
Карындашыҥ Чурокту,
Эртеҥ барып кором деп.
Жемиш данонду жактырып.
Жеҥгетайга берем деп.
Кат кылып, кол берип,
Куда болуп жарашты.
Сегиз баатыр баш кошкон,
Чйлоруно тарашты.
Эр Тумонбай кеткен соҥ.
Калаасына жеткен соҥ.
Баатыр Толтой кеп баштап.
Барыҥ уккун деп баштап.
Тумонбай жалган кеп айтты.
Чурокту берем деп айтты.
Ичинде бардыр бикири,
Өзуно жаккан эп айтты.
Кандайлыктан Чурокту,
Азыр берем деп айтты.
Олмойунчо Чурокту,
Бермек эмес, Тумонбай.
Алдыбызга эҥилип,
Келмек эмес Тумонбай.
Уругузду чынкожо,
Кормок эмес Тумонбай.
Айчурокту берем деп,

Конмок эмес Тумонбай.
Эр Тумонбай берем деп.
Чурок даяр, белен деп.
Кара атты берсеҥ калыҥга,
Бул созуҥо коном деп.
Айтып турган созундо
Аярлык бар озундо.
Чамасынан байкасам,
Чаары турат козундо.
Кара атты калыҥ берем деп,
Эр Чынкожо жирбе.
Манастын уулу Семетей,
Жолдон дуушар болбосун,
269.5. Кара атыҥдан айрылып,
Калба~~сын~~ досум кесирге.
Тумонбайдын кеби бар,
Ичи толгон кеги бар.
Билсеҥ мунун мунозун.
Бир жерден тынган деми бар.
Манастын уулу Семетей,
Келип калган чени бар.
Учуп жургон гайып кыз.
Сага болчу зайып кыз.
Учканы жума тун болгон.
Уч ай токсон кун болгон.
Айчурок учуп кеткени.
Айтай журтка дом болгон.
Акундун кызы Айчурок,
Семетейге барган деп.
Барып кабар салган деп.
Баштап алып келген деп.
Тулкунун уулу Тумонбай.

Семетейди коргон деп.
Эр Семетей султаныц.
Эжирип келип калган деп.
Чурокту бизге берери,
Чынкожо досум жалган деп.
Чоц Иргончтун оюнан.
Манастын цулу Семетей.
Келетурган жолунан.
Карбан жолдун боюнан.
Чалгынды озум чалам деп.
Жалгыз озум барам деп.
Як-Ийнектин кечуудон,
Келип калса Семетей,
Гуудандын изин табам деп.
Жедигердин эр толтой,
Сур коёнго камчы урып.
Жонап калган жери ошол.
Оздоп, солдоп каршы урып.
Уй акчы менен каргытып,
Жургон жолун чаргытып.
Алдындагы суркоён,
Оозунан кобук баргытып.
Кокулун кокко ыргытып.
Туягын жерге мылгытып.
Тура калып из карап,
Анда-санда чулгутуп.
Багыштын цулу эр толтой
Катта жолдон из карап.
Эки козун айырбай,
Эзкейе тушуп туз карап.
Биле салды эр толтой.
Бир карабай, уч карап.

Аттын башын бурбастан,
Аял кылыт турбастан.
Манасдын уулу келди деп,
Башка созду урбастан.
Кыздар келит селкинчек,
Тэт жаткан жерине,
Дурбу салыт Семетей,
Коруп жаткан жерине.
Кулчоро келит Чуроко
Кот сураган жерине.
Бир бирине наз кылыт,
Эт сураган жерине.
Семетей келит Чурокко,
Аярлашкан жерине,
Баштан аяк санатын,
Баяндашкан жерине,
Жакын Толтой барганда.
270-б. Анча-мынча калганда.
Келит тура калганда ошол.
Жолго козун салды ошол.
Жолдон жургон из жок деп.
Мындан ары иш жок деп.
Кара жолго барды ошол.
Жолдон изди чалды ошол.
Из табалбай эр Толтой,
Бура тартыт калды ошол.
Тай чабым тим бастырса,
Буудан изин кормокчу.
Коргондо Толтой олмокчу.
Олбосо да эр Толтой,
Чынкожонун алдына,
Чындап ыйлап келмекчи.

Семетей келип калды деп,
Чындап кабар бермекчи.
Жедигердин эр Толтой,
Кайратартып жылжытып.
Суркоёнду чулгутуп.
Тура калган жеринде,
Туягын жерге мылгытып.
Эзкеиште октолтуп.
Эликдей боюн токтолтуп.
Адырмакта октолтуп.
Аркардай боюн токтолтуп.
Жал куйругун жайылтып,
Аягын жерге сайылтып.
Чынкожонун алдына,
Баатыр толтой келди ошол.
Келип жоп берди ошол.
Ак-Ийнекдин кечуудон,
Ат менен откон киши жок.
Жол жолоочу бастырган,
Жалгыз аттын изи жок.
Манастын уулу Семетей,
Бастырып кайдан келди деп.
Айчурокту бермекке,
Тулкунун уулу Тумонбай,
Чыны менен конду деп.
Чындап кудай берди деп.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыны досум сен элец.
Досум учун жанымды,
Курбан кылчуу мен элем.
Байкап чалдым жолуздy.
Коруп келдим сонунду.

Марттыгыҕды карматып.
Жакшылап ачкын колуҕду.
Семетейден дайын жок,
Акундун кызы Чурокко,
Сенден башка кайын жок.
Тайбуурулдун изи жок,
Изи Турсун тулпар жок.
Айчурокту алууга,
Сенден башка шумкар жок.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Айтпаймын создун жалганын.
Алып барар малыҕды,
Бугундон калбай айдагын.
Жедигердин эр Тоятой,
Айтып туруп калды ошол.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Атка келди чамынып.
Акундун кызы Чурокко.
Журмок болду камынып.
271-б. Жедигер менен нойгутун,
Баарына кабар салды ошол.
Токсон кара бууданды,
Кара атына пар кылып.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Баарын жыйнап алды ошол.
Эми Тумонбайдын кеби бар.
Турлоп айтаар эби бар.
Айчурокту бербесеҕ,
Чынкожо да кеги бар.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Кашканын уулу Каманбай.
Осмонбектин Ажыбай

Уч азамат суйлошуп,
Бирин бири сыйлашып.
Убада созун кармашып,
Оллойунчо Чурокту,
Бербейлик деп суйлошуп.
Май-Дободон аттанып.
Мас болгондой шатанып.
Бербес болуп Чурокту,
Бирине бири мактанып.
Карындашы Чурокко,
Кан Тумонбай актанып.
Карыса да Акундун,
Кадырына сактанып.
Кара атты алдап алмакка,
Кан Тумонбай суктанып.
Жалганын той баштап.
Жарашыктуу ой баштап.
Кан Тумонбай баатырыз.
Суйлоп турду элине.
Баарыз укгун созум деп.
Карап турган бегине.
Карындашым Чурокту.
Эр Чынкожо баатырга,
Бермек болуп келдим деп.
Толтой менен жайлашып,
Бекем созду байлашып,
Конмок болуп келдим деп.
Чынкожонун кара атын,
Минмек болуп келдим деп.
Жедигер менен нойгутту,
Билмек болуп келдим деп.
Карындашым Чурокту,

Жан адамга билдирбей,
Чынкожого бермек болдум деп.
Чынкожо менен Толтойдун.
Элин билмек болдум деп.
Жедигер, нойгут кошулуп,
Туркмон менен баш кошуп.
Бирге журмок болдум деп.
Чыцкожо эртец келет деп.
Тойду кабат берет деп.
Эр Чыцкожо келет деп.
Кара атын мага берет деп.
Канча-канча мал соют,
Эркенин тою болот деп. = Тойго келген кыз-келин.
~~Чынкожо, Толтой баатырыц~~
Мейман болуп конот деп.
Акын, ырчым, Жаркынбай,
Жар чакыргын тартынбай.
Элди тойго чакыр деп,
Эрте аттаныт бат бар деп.
Тойдун качан болоорун,
Унутпастан жатка ал деп.
272-б. Бешиктен чыккан беш жашар,
Бала уйундо калбасын.
Токсонго чыккан токтолуп,
Чал уйундо калбасын.
Оозунда тиши жок.
Уй кайтарып олтурган,
Мындан башка иши жок,
Кемпир уйдо калбасын.
Кеип жаццап суйлогон,
Кесир уйдо калбасын.
Келин жургон эри олуп.

Жезир уйдо калбасын.
Атасы олуп зар кылган,
Оокаты жок, жыргабай,
Убайым тартып кайгырган.
Жетим уйдо калбасын.
Теспе тартып олтурган,
Эшен уйдо калбасын.
Тездик менен соз айткан,
Чечен уйдо калбасын.
Атка минээр алы жок,
Кесел уйдо калбасын.
Малдан кайдан чыгам деп,
Бай уйундо калбасын.
Бар оокатыш кылам деп,
Жарды уйундо калбасын.
Жаркымбайым баргын деп,
Жардыгызды салгын деп.
Элге кабар бергин деп,
Бугун жыйнап келгин деп.
Бутун жыйнап келбесец.
Бугун кабар бербесец.
Жарылып баш олдуц деп.
Жардыгымды кордуц деп.
Эл чакырып келгин деп.
Эрте кабар бергин деп.
Жаркымбайды жиберип,
Эр Тумонбай баатырыц.
Эч адамга билдирбей
Озу таап акылын.
Жаркынбайыц аттанып.
Жардыка кетти шаздаиып.
Жанына ~~кошчу~~ жолдош кошчу алып.

Жалпы журтка мактаныт.
Кочо менен жарышыт.
Тизгин колдо карышыт.
Кан Тумонбай айтты деп,
Калкка кабар салышыт.
Эртец толтой келет дейт.
Эркенин тоюн берет дейт.
Бугун тойго барбаган,
Тумонбайдан олот дейт.
Олбосо да кор болуп,
Далай кордук корот дейт.
Чынкожого Чурокту,
Чыны менен берет дейт.
Кебез байлап кара атка,
Чынкожо озу келет дейт
Тойго барган жан болсо,
Тамашаны корот дейт.
Барбай калган уйундо,
Тумонбайдан олот дейт.
Эртец анык башталыт,
Эркенин тою болот дейт.
Бугун барган кыз, келин,
Мейман болуп конот дейт.
273. б. Кара атты алып Тумонбай,
Малды кабат соёт деп.
Бугун барган жан болсо,
Майга мыктап тоёт деп.
Барбаздан келбей койбосун.
Кебимди менин ойлосун.
Эртец жеп алганда,
Эр тумонбай сойбосун.
Жалгыз-жарым жашыныт.

Жан калбасын уйундо.
Жатып ичээр тошокто,
Чал калбасын уйундо.
Кызыл желек сыр найза,
Баатыр барсын бул тойго.
Кыяк тарткан наамачы,
Акун барсын бул тойго.
Кыз-келинден калтырбай,
Катын барсын бул тойго.
Кемпир чалдан калбастан,
Кары барсын бул тойго.
Карыядан калбастан,
Баары барсын бул тойго.
Коп малына мактанып,
Байлар барбай калбасын.
Жардылыкка жабыргап,
Жарды жатып калбасын.
Кыз-жигиттер жаркылдап,
Тамашага шартылдып,
Ка Албай барсын оюнга.
Кулагына башка соз,
Албай барсын оюнга.
Деп жарчы башчы Жаркынбай.
Жар чакырды тартынбай.
Калганы жок Ургончто.
Жалгыз жанга айтылбай.
Эртец толтой мал айдап,
Келет деп кабар уккан соц.
Чынкожого Чуракту,
Берет деп кабар уккан соц.
Кемпирлер ыйлап кемшиц деп,
Чынкожо кайдан келсан деп.

Чынкожого Акун кан,
Чурокту кайдан берсин деп.
Чынкожого барганча,
Айчурок долу олсун деп.
Чынкожо менен Толтойго,
Айчурок кантип консун деп.
Башында Акун Чурокту,
Бата кылган Манаска.
Бабыраган келиндер,
Бул созду мындан талашпа.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр чыкты деп уктук.
Атпай кыргыз алашка,
Угулуп турат дайыны.
Корунуп турат айылы.
Олуя-Ата, Таластан,
Семетей келсе бир куну,
Ургончуцду чапбайбы,
Толтой менен Чынкожо,
Оз жолун таппайбы.
Опол тоого качпайбы.
Качмак турсун шашпайбы.
Кан Акундун коп элин,
Каптап келип баспайбы.
Чурогумду бердиц деп.
274-б. Семетейге жазбайбы.
Акундун кызы Чурокту,
Кара таман куц кылып,
Чачын кыркып сатпайбы.
Койчуларга кошулуп,
Короого Чурок жатпайбы.
Эрке Чурок шордуунун,

Минтип шору каттайбы.
Толгон айдай Чуроктон,
Томуктуу жилик эт жебей.
Тумонбайга не болгон,
Жолунан тосуп беттебей.
Айчурокту бербейбиз,
Толтой кул келбей кеттебей.
Акындын кызы Чуроктон,
Аышыктуу жилик эт жебей.
Акун канга не болгон,
Алдынан чыгып бетдебей
Айчурокту бербейлин,
Чынкожо келбей кет дебей.
Акундун кызы Чуроктун,
Аныкжери пери деп.
Койкаптагы перилер,
Айчуроктун эли деп.
Манастын уулу Семетей,
Арнап койгон жери деп.
Учуп барып тийбейби.
Озунун эрин суйбойбу.
Атпай алаш эли деп,
Ак суу, Талас жери деп.
Айчурокко не болгон,
Эр Семетей эри деп.
Семетей турса Толтойго,
Чуроктун эби келбейт деп.
Айылдагы боз балдар,
Шылдыз ~~шылдыз~~ кылган кеби деп.
Келишимдуу бир кепти,
Кемпирлер суйлоп токтолду.
Келин-кыздын баарысы,

Эрке Чурок тоюна,
Эрмек кыздын ойнуна,
Барабыз деп октолду.
Башын тартып жаштардан,
Барбаган адам жок болду.
Тотуга элек келиндер,
Туура карап жугуруп.
Эрке Чурок тоюна,
Барабыз деп суйунуп.
Бу да келди оюнга,
Айчуроктун тоюнда.
Бирди тууган катындар,
Бир баласын которуп,
Экини тууган катындар,
Эр баласын которуп,
Бир баласын эрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда.
Учту, тортту тууганы,
Жолун бала бууганы.
Эч айласын таба албай,
Эрке кыздын тоюнда,
Барамын деп турганы.
Эрке кыздын тоюна,
Жибербей жолум буудуз деп.
275-б. Кок желкеге бир коюп,
Кочо менен дыр коюп.
Бирине бирин капшырып.
Тешок салып жаткырып.
Энеке багып тургун деп,
Бир кемпирге тапшырып.

Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда,
Кандын кызы калкылдап.
Кадимкидей шартылдап,
Алтындан кылган чолпусу,
Аркасында шыркылдап.
Айнектей козу жалтылдап.
Алтындай бети жаркылдап.
Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда.
Бекдин кызы белсенип.
Пир ургандай тезселип.
Атлас койнок булакдап,
Аткан таздай кылактап.
Тийип койгон жигитти,
Кара кашка чунак деп.
Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда.
Байдын кызы балкылдап.
Пачайы кийип жаркылдап.
Мактангансып кичине,
Баса тушуп шалкылдап.
Уят менен иши жок,
Чйдогудой дацкылдап.
Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда.
Аштыкчынын бир моюн.
Адеби жок кир моюн.
Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда.
Жылкычынын жылантос.
Жылып жургон уландос.

Жылга жерде жолукса,
Жыланпостун жолун тос.
Бу да келди оюнга.
Айчурок тоюнда.
Койчунун кызы кокурпос.
Колу кыска чобурпос.
Коромжусу жок турут.
Кой суйлогон кобурпос.
Бу да келди оюнга.
Айчуроктун тоюнда,
Ордого келин-кыз толут.
Чолосу жык жыш толут.
Карап турган кезинде.
Тою качан болот деп,
Санап турган кезинде.
Тумонбай качан келет деп,
Качан тоюн берет деп.
Самап турган кезинде.
Каман байын кошчу алып,
Ажыбайын дыгчытып.
Тулкунун цулу ~~тулкунун~~ тумонбай,
Жетип келди бешимде.
Той берем деп чакырган,
Тумонбайдын жинде.
Кылчайып ~~карап~~ моюн бурбастан,
Кызга карап турбастан.
Акун кандын устуно,
Басып кирди аяздап.
276-б. Коргон билген жоругун,
Айтмак учун баяндап.
Барган заман аба деп.
Багымды билген ага деп.

Баштан аяк созумду,
Угуптургун жана деп.
Абам Акун каным деп.
Кокурокто жаным деп.
Айтып турган созумду,
Угуп тургун баарын деп.
Мен Тумонбай балаздын.
Ичимдеш санаам деп.
Аба сизге эт келсе,
Жалгыз мага кеп келсе.
Чынкожо менен толтойдун,
Кара атын алдап алам деп.
Кара ат тийсе колума,
Чынкожо менен толтойду,
Жедигер, нойгут коп колду.
Айдап жолго салам деп.
Айчурокту берем деп,
Алдап алам кара атын.
Кара ат турсун аламын.
Токсон бирдей нар атын.
Тумонбайдын адатын,
Турлуу-турлуу санатын.
Жалганынан той баштап,
Жарабаган ой баштап.
Айчурокту берем деп,
Алсам кандай каратты.
Кара ат колго тийген соз,
Чынкожо колго кирген соз.
Баатыр озум билген соз.
Корорсуз аба адатты.
Жедигер менен нойгутка,
Корсотомун санатты.

Мени кудай бактыза.
Эркек кылып жаратты.
Аба сизге жактаса,
Гул кезешке кирбеймин.
Жардыгыздан башканы,
Мен тумонбай билбеймин.
Деп турдуу созду ойлонуп,
Тумонбай турду жойлонуп.
Тумонбайга кеятирип,
Суйлоп калды Акун кан.
Пайда чыкпайт аныздан.
Ат аламын деп ойлонуп.
Маслаат кылган акылдан.
Айчурокко суйлошуп,
Абыдан сырын билсезчи.
Уктубекен аныкс соз,
Алыс менен жакындан.
Баатыр Манас баласы,
Эр Семетей баатырдан,
Карындашыз Чуроктун,
Учканы жума тун болгон.
Учуп уйдон кеткени,
Уч ай-токсон кун болгон.
Учуп кеткен айчурок,
Семетейге баргандыр.
Манастын уулу Султандан,
Аныкс кабар алгандыр.
Таласында суйлошуп,
Санаасы тыныт калгандыр.
Семетейге барбаса.
277-б. Аныкс кабар албаса.
Жакын жерге тием деп

Чынкону тандаса.
Чынкожого Чуроктy,
Чыныҗ менен берсеҗчи.
Башыҗа жазган наситти,
Маҗдайыҗдан корсоҗчу.
Чуроктун коону бар болсо,
Чыҗкожого консоҗчу.
Алдап кара ат алганыҗ,
Адам угаар кеп эмес.
Акылыҗ болсо тумонбай,
Бул аткаҗыҗ эт эмес.
Угуп тургун тумонбай
Созумдо жок калаты.
Байкаптургун созумо.
Пайда кылбайт озуҗо.
Чынкожонун кара аты.
Баатырлары сайышып,
Найзалары майышып.
Тени болот сыр найза,
Тошко тийип тайышып.
Ат устунон алышып,
Чыгыта сайып салышып.
Буга кучуҗ келбесе,
Сайдырып карат берчу эмес.
Армандан чыгыгып калчу деп,
Анан атын алчу деп.
Толтой менен Чынкожо,
Оз колуҗдан келбесе.
Алдатып карат берчу эмес.
Ал жорукка кончу эмес.
Алдаганга ат берсе,
Чынкожо мында келчу эмес.

Жедигердин Толтоюн,
Алдап адам жеңчу эмес.
Карындашыңз Чурокко,
Барып суйлош Тумонбай.
Ичке кине сактабай,
Аныкс суйлош Тумонбай.
Каманбайды кашыңа,
Алып суйлош Тумонбай.
Ажыбайды алдыңа,
Салып суйлош Тумонбай.
Жандын баары эшитсин,
Жарык суйлош Тумонбай.
Чурок барып корбосо,
Эр Семетей келбесе.
Айчурокту алам деп,
Аныкс жоап бербесе.
Манас кылган башында,
Батасынан кутулдук.
Семетей турсун, эр Манас,
Атасынан кутулдук.
Айчуроко эп келсе,
Чынкожону эп корсо
Чынкожо менен жайлашып.
Убада созун байлашып.
Толтой менен эптешип,
Убада созун бекдешип.
Корор козум Тумонбай,
Чурокту берип тынсаңчы.
Чынкожо менен Толтойго,
Бирлешип оокат кылсаңчы.
Айтып созун урду ошол.
Акун суйлоп турду ошол.

278-б. Эр Тумонбай кеп айтты.
Айтаар созун эми айтты.
Айланайын абам деп.
Азырынча чамам деп.
Чынкожо менен Толтойдун,
Айласын озум табам деп.
Олбой турут Чурокту,
Кантип аба берем деп.
Чынкожодон келгенди,
Нак тобомдон кором деп.
Чыкожо менен Толтойдон,
Ажал жетсе олом деп.
Айчурокту бергенге,
Олгондон кийин коном деп.
Ыргыт турут Тумонбай,
Барды Чурок кашына.
Калыс созду укканга,
Каманбай менен Ажыбай.
Карап тур деп кашына.
Калыс бол деп кашыма.
Эр Тумонбай баатырыз,
Айчуроко кеп айтты.
Баштан аяк созумдун,
Баарын уккун деп айтты.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Басташыт мага келгени.
Айчурокту алам деп.
Аныс козум коргону.
Алты ай бутун атыштым.
Кызыл канга батыштым.
Аянбастан урештум.
Кундо майдан кылыштым.

Алты ай бутун откон соц.
Убада алып торт айга.
Мулот алып тыныштым.
Бул торт ай ичинде,
Сабыр кылып туруштум.
Карындашым Чурокту,
Чынкожо менен Толтойго
Бербес болуп тырыштым.
Бербегенге койбостон,
Чынкожо, Толтой болбостон:
Жана баштап кеп салды.
Чурокту бергин деп салды.
Толтойдо коонуц бар болсо,
Бермек болуп келдим деп.
Сага жакса бул созум.
Конмок болуп келдим.
Айткан созум жактаса,
Толтой кулдан келгенди,
Кормок болуп келдим деп.
Аскеримди жок кылып,
Атышып жатып сен учун.
Олмок болуп келдим деп.
Барсац толтой эр мына.
Жедигер, нойгут эл мына.
Ырас коонуц бар болсо,
Ылайыктуу жер мына.
Барсац баатыр Чынкожо,
Мактабаймын бай мына.
Жакканына барасыц,
Жарашыктуу жай мына.
Бирин тандап коргун деп.
Эрте жооп бергин деп.

Чынкожо, толтой жактаса.
Тумонбай бекер мактаса.
279-б. Озуң тапкан жер болсо,
Ылайыктуу эр болсо,
Айтып берсин чыныңды,
Мен угайын сырыңды.
Уч ай бутун учканыңь,
Кулагыма угулду.
Манастын уулу Султанды.
Баштап келсеңь Айчурок.
Кандырарсыңь кысымды.
Тумонбай сага жыгылды.
Чынкожо менен толтойдун.
Озум табам ыгыңды.
Айчурокту алам деп
Чынкожо, толтой талашты.
Карындашым Айчурок,
Барар жериңь жарашты.
Чынкожо менен толтойдун.
Бирин тандап барасыңь.
Бакты берсин озуңо.
Барсаңь орун аласыңь.
Манастын уулу Семетей,
Келип калса Айчурок,
Муну кантип танасыңь.
Султан келип калды деп,
Чын жеринен соз айтып,
Кулагыма саласыңь.
Аныкь сырыңь айтпасаңь,
Убалыма каласыңь.
Деп эр Тумонбай баатырыңь
Суйлой турду Чуроко.

Семетейди жашырып,
Чурок саза дубакке.
Эрке Чурок кеп салды.
Эр Тумонбай баатырды.
Кеп салганда жеп салды.
Манастын цулу Султанга,
Бала туйгун шумкарга.
Барганым жок деп салды.
Барып кабар Султанга,
Салганым жок деп салды.
Ушул создон башка соз,
Укканым жок Тумонбай.
Чйдон чыгып бир кадам,
Учканым жок Тумонбай.
Акун кандын уйунон,
Чыкканым жок Тумонбай.
Семетей менен гешим жок,
Сенден башка кишим жок.
Учкун уктап ойгонсом,
Семетей кирээр тушум жок.
Кадымдан болгон адатыц,
Кылып жургон санатыц.
Эр Тумонбай абаке,
Таппайсыц мындан калатын.
Кыз буйлалаган тоо болот.
Агасы берем деген соц.
Айдап калыц жеген соц.
Барбайм деген кээ болот.
Шоруц каткан кыз чиркин
Башына кайдан ээ болот.
Чын-чынына кылген соц,
Чындап малды жеген соц.

Эби келсе кыздарды,
Эли бийлеп берчу деп.
Тумонбайдай карыя,
Беги бийлеп берчу деп.
280-б. Кадымдан берки адатта,
Кары бийлеп берчу деп.
Калайыкка эп келсе,
Баары бийлеп берчу деп.
Кан Тумонбай өзүздө,
Каны бийлеп берчу деп.
Акун кандай кары бар,
Ата бийлеп берчу деп.
Ажыбайдай билимдуу,
Ага бийлеп берчу деп.
Кадимден бери кыз байкуш,
Ата менен аганын,
Амиринде журчу деп.
Айтканына кончу деп.
Менин оюм Тумонбай,
Эр толтойго барбаймын.
Сизге айып болбосо,
Чынкожону танбаймын.
Чынкожого буюрсаң,
Чын созум бул танбаймын.
Агам баатыр Тумонбай,
Амириңден калбаймын.
Кара атын алып жатасың,
Калың малга сатасың.
Карындашың Чурокту,
Канча малга сатасың.
Деп Тумонбайга кеп айтты.
Турлуу созду эми айтты.

~~Турмуш~~ Акундун кызы Айчурок.
Айтып тура калды ошол.
Айчуроктун созуно,
Эр Тумонбай баатырыц.
Абдан куйуп жанды ошол.
Акылынан танды ошол.
Карындашым Айчурок,
Калкка салдыц кой дубак.
Каршы айткан созуздон,
Кайнап калды эт бурак.
Жалгыз Чурок сон учун,
Жалпы туркмон эл учун.
Аябадым жанымды,
Тогомун деп канымды.
Туу тубундо туруштум,
Тулпар минип уруштум.
Алты ай бутун уруштум.
Абыдан майдан кылыштым.
Чынкожо менен Тоятойго,
Бербеймин деп туруштым.
Кылыткойгон шертимден,
Качан Чурок жылбыштым.
Айрылбай баш калбай,
Алжабаган каш калбай.
Абышка олуп жаш калбай.
Жыртылбаган тон калбай.
Жезилбеген чоц калбай.
Кундоп, тундоп уруштум,
Кундо майдан кылыштым.
Уч айга алып убада,
Уйго келип тыныштым.
Уч-торт айдын ичинде,

Жети-суга барат деп.
Карындашым Айчурок,
Жетип кабар салат деп.
Манастын уулу Семетей,
Айчурокту алат деп.
Чынкожо менен Толтойду.
281-б. ~~Баатыр Кайко~~ Айдап жолго салат деп.
Карындашым Айчурок,
Маманастын уулу Султанды.
Бала чунак шумпайды.
Баштап алып келет деп.
Мага кудай берет деп.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Семетейден алат деп.
Коргулукту корот деп
Оозумдан чыгарбай,
Ойлот журдум ичимде.
Эр Семетей Султанды,
Корбосоз Чурок тушуздо.
Жакын жерден жайланып,
Чынкожого кармалып.
Кара тумшук Айчурок,
Карташага кармалып.
Ургачыга алданып.
Ошончолук сандалып.
Кара атты эттеп алам деп,
Калпка озум алданып.
Эки ай уч кун дегенде
Эр толтойго барыптыр.
Эрк озундо болгон соз,
Эрин таап алыптыр.
Уч ай учто дегенде.

Чынкожого барыптыр.
Чындап бейли бузулуп,
Эрин таап алыптыр.
Ушунчалык цятка,
Чурок мени салыптыр.
Бул кара бет Чурокту,
Озу тапкан жерине.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Бара турган эрине.
Аянбастан суйротуп,
Азоо тайдай туйлатып.
Чынкожо менен Толтойго,
Алып барып бердим деп.
Чурок сенден келгенди,
Нак тобомдон кордум деп.
Ачуусу келип Тумонбай,
Чыгып тура калды ошол.
Акундун кызы Чурокту,
Оц колунан алды ошол.
Ой-боюна койбостон,
Ойдон суйроп калды ошол.
Чурокту колдон алган соц
Тумонбай суйроп калган соц.
Жете албаган жамандар,
Баары барды жугуруп.
Баары суйроп жургондо,
Тумонбай баштап кургенде,
Акундун кызы Айчурок,
Кабыргасы бугулуп,
Калды жандан туцулуп.
Айчурокту коргондо,
Ашык болгон життер,

Арман кылып артынан,
Жашык болгон жигиттер,
Дабырашып барышып.
Далай жаңжал салышып.
Акундун кызы Чурокту,
Ач билектен алышып.
Бетине жакын жетишип.
Жетмек турсун отушуп.
282-б. Ак эмчектин устунон,
Жаза кармап кетишип.
Акун коруп коёт деп,
Артын карап шекишип.
Айчурокту суйротуп,
Азоо тайдай уйротуп.
Дарбазага барганда.
Дарбазадан чыгарга,
Жакын жетип калганда.
Чурок кирди арманга
Оз агасы Тумонбай,
Ач билектен алганга.
Алып барып берем деп.
Аябай суйроп калганга.
Даразанын кузкусун.
Кучактап Чурок бек кармап
Айланайын Тумонбай,
Жазыгым жок деп кармап.
Акундун кызы Айчурок,
Тумонбайга кеп айтты.
Ичандеги сактаган,
Турлуу созду эми айтты.
Чынкожого баргын деп,
Чындап орун алгын деп.

Озуҥ айттыҥ мен уктум.
Созуҥду карап мен ыктым.
Сенин айткан созуҥдон,
Качан Чурок мен чыктым.
Эрегишпей Толтойго,
Баргын дедиҥ Тумонбай.
Эрте барып нече орун,
Алгын дедиҥ Тумонбай.
Чынкожого чын жери,
Баргын дедиҥ Тумонбай.
Чындап орун эртелеп,
Алгын дедиҥ Тумонбай.
Сенин айткан созуҥо,
Турганым жок тил албай.
Бул кордукка туш болдум.
Жашырып коюп бир созду.
Тумонбай сага ынанбай.
Не кылаарым биле албай.
Жашырып койгон жазыгым.
Жалгыз туркук касыгым.
Бура салып бир созду,
Бузулду менин басыгым.
Ичимдеги сырымды,
Жалгыз айтам озуҥо.
Жаныҥа жолдош албастан.
Кулак сал деп созумо.
Чыйлап турун Айчурок,
Созун айтып турганда.
Эркх Чурок токтолуп,
Эми кеҥеш кылганда.
Уруш жаҥжал басылбай,
Эрегишип турганда.

Гумонбай менен Акундун,
Аскери калды беттешип.
Бир бирине аяный,
Тартынбады четтешип.
Чаң тополоң болушуп,
Чабыш чыкты бир талай
Жалпы аскер беттешип,
Сайыш чыкты бир далай.
Жаркылдатып сууруган,
Кылыч чыкты бир далай.
283-б. Жан аябай согушкан,
Уруш чыкты бир далай.
Бул согушту коргондо,
Сабыр кылып Акун кан.
Жаш кезинде бирноён,
Жарашыктуу баатыркан.
Кеп чыгарды ойлонуп,
Келишимдуу акылдан.
Карылыктан кор болуп,
Кордук корду жакындан.
Урушпай аскер токтотуп,
Оз эликди жоктотуп.
Баарың менин балам деп.
Башка барбы санааң деп.
Менден моюн бурааргa,
Келбейт сенин чамаң деп.
Гумонбай болсо балаң деп.
Маслааты чала деп.
Менин айткан созумду,
Артын байкап кара деп.
Кереметуу Акун кан,
Келишимдуу баатырдан.

Айты созун окшотуп.
Аскерди койду токтотуп.
Тумонбайга кеп айтып,
Турлуу созду эми айтып.
Суйлоп турду Акун кан,
Соз чыгарып акылдан.
Кан сайрап кеп айтып.
Калкым уккун деп айтып.
Карап турган коп туркмон,
Жалпыз уккун деп айтып.
Жалгыз Чурок балам деп,
Козулдогу санаам деп.
Чурок кордук коргондо,
Олбой кантип калам деп.
Карылыктын айынан,
Каржалып калды чамам деп.
Менин балам Айчурок,
Периден туган бала эле.
Гир келгендей бактыма,
Бериштелуу жан эле.
Асыл балам Айчурок,
Айтканымча бар эле.
Кармаганым Айчурок,
Гайыптан туган бала эле.
Кайсы бирин айтайын,
Касиеттуу жан эле.
Кара тумшук Айчурок,
Айтканымча бар эле.
Карыдым, олдум, жок болдум.
Куйуп-бышып чок болдум.
Карааным Чурок сен учун.
Кайрат кылып козголдум.

Кадырым билээр адам жок,
Ошол жерге токтолдум.
Айланайын кулунум.
Айнектен жарык тунугум.
Жалгыз Чурок сен учун,
Арманым айтып курудум.
Жоугумдун толтосу.
Муунумдун кылтасы.
Оозго буткон жашымда,
Отуз тиштин кыркасы.
Алтын, ковхар, карасы.
Тишимдин дилде саласы.
284-бет. Кыз да болсо бир парзент,
Кырка тиштин арасы.
Каспеттуу бир бала,
Гайып пери баласы.
Сен учун жарам мен коргон,
Кордугумду карачы.
Кыз да болсо медерим,
Билбей калдым не дерим.
Айтпайд койдуз жашырып.
Семетейдин келээрин.
Чаптырганыз кеп болуп,
Тумонбайга кек болуп.
Ойлонбогон чиркиндин,
Озуно жаккан эт болуп.
Бул жорукту кылганын,
Бура салып турганын.
Журогумо мулук салып,
Журокко жабыр от жагып.
Башымдагы доолотум,
Балам Чурок сынганын.

Эшигиме эл жыйыт.
Аскеримди урганын.
Карылыгым олгонум,
Гул бурутка конгонум.
Атпай турмон баласы,
Акун канды комгонуз.
Кайратымдын барында,
Манас менен дос болдум.
Ургончумду алдырыт,
Жеримден качан козголдум.
Толтойтурсун эр багыш,
Эшигиме келген жок.
Чынкожо турсун Шыгайбай,
Ургончумду коргон жок.
Бу кордуктан Акун кан,
Ушпу бугун олгон жок.
Кайратымдын барында,
Доолотумдун шарында.
Кашка тумку иш билан,
Журду менин жанымда.
Ургонч менен Кавилди,
Овган менен Туркменди,
Билип турдумдум башында.
Била салыт жашымда.
Акун кан карыт кетти деп,
Олоор жашка жетти деп.
Откосу жок кары чал,
Олбогондо нетти деп.
Буудайык кандын Музбурчак,
Болуп кетти Кавилде.
Жалпы оган элимди,
Укпай койду кебимди

Баатыр болсо Тумонбай,
Музбурчакка барбайбы.
Баатырлыгын корсотуп,
Элин кайрып албайбы.
Менин балам Айчурок,
Анан бар деген жерге барбайбы.
Жалгыз балам Айчурок,
Жардыгына конбойбу.
Жалгыз Озу билген соз,
Озу билип бербейби.
Тумонбайдын колунан,
Жалгыз Чурок келбейби.
Бу кордукту кылганча,
Тумонбай чиркин олбойбу.
285-б. Озумдо бала жогунан,
Жала кылдым Тумонбай,
Ак иштеген ишизди,
Чала кылдыз Тумонбай.
Бул жорукту Акунга,
Чала кылдыз Тумонбай.
Калктын башын карматып,
Кан котордум Тумонбай.
Калыз журтка озузду,
Даз котордум Тумонбай.
Тубагандан топочу,
Балам жогу билинди.
Кесепетин карматып,
Келтирдиз менин жинимди.
Чира минип Тумонбай,
Чыгарбагын озузду.
Чындап жиним кармаса,
Чымчыктай жулам жунузду.

Ички сырыз байкасам,
Иче турган ашка жен.
Баатыр сынган Тумонбай,
Балам эмес, башка жен.
Жузундо кызыл каны жок,
Адам дитте саны жок.
Менден жону башка жен,
Уяты жок кашка жен.
Балам болсо Тумонбай,
Мени изат кылбайбы.
Жалгыз кызым Чурокту,
Немелеп сыйлап турбайбы.
Бара турган жерине,
Колу менен узатып,
Озу берип тынбайбы.
Тумонбай чыгып жолунан,
Суйротуп журсо колунан.
Балам Чурок сынбайбы.
Азыр олгон жерим жок,
Акун кан карап турбаймбы.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Кашканын уулу Каманбай.
Чурокту журсоз суйротуп,
Сени арбак урбайбы.
Балам Чурок, баргын деп,
Маслаат созго кангын деп.
Олотурган кезимде,
Ошол чиркиндин тилин алгын деп.
Айтып созун урду ошол.
Акун кан суйлоп турду ошол.
Эми Тулкунун уулу Тумонбай,
Не кылаарын биле албай.

Кудай мени урду деп,
Кубалап шайтан турду деп.
Арбак мени урду деп.
Азгырып шайтан турду деп.
Ажал жетип, кун бутуп.
Олгонум ушул ~~Тумонбай.~~ Каманбай.
Окуруп жатып кор касып.
Колгонуз ушул каманбай.
Аманат жанды кол менен,
Бергеним ушул Каманбай.
Аяр басып ордого,
Келгеним ушул Каманбай.
Акун кандын нур жузун,
Коргонум ушул Каманбай.
Корчу, мына олдум деп,
Коргулукту кордум деп.
286-б. Айчуроктун алдына,
Басып барды Тумонбай.
Эч айласын таба албай,
Шашып барды Тумонбай.
Айчурок сага келдим деп.
Амирице кондум деп.
Азыраак жаҗжал ши чыгып,
Ажал жетей олдум деп.
Айып менин мойнумда
Козуздун жашы койнумда.
Айып болсо жабылар,
Абам турса ордоҗдо.
Кагылайын Айчурок,
Колум тийип калды.
Ачуу шайтан баскандан,
Мени кудай алды деп.

Кылыткойгон куносун,
Тумонбай кантип танды деп.
Каманбай менен Ажыбай.
Карап турсун кубам деп.
Ачуу шайтан азгырып.
Жаман жолго салды деп.
Болоор болбос иш учун,
Болуп калды куном деп.
Мойнумдагы куномду,
Мен тумонбай билем деп.
Куномду Чурок кечкин деп.
Курмогон жиниц чечкин деп.
Балада асыл жан элец.
Максатыца жеткин деп
Бул пейилицден кайткын деп
Аныс сырыц айткын деп.
Аныс сырыц айтам деп,
Баштай келген кезицде,
Абам туруп соз баштап,
Токтоп калды бул созуц.
Туш кыцкайган бешинде.
Парбы чурок жизде.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Айтып тура калды ошол.
Акундун кызы Айчурок.
Созго кулак салды ошол.
Башкац мында тургун деп.
Маслаат болсо кылгын деп.
Тумонбайды эрчитип,
Ордосуна барды ошол.
Буудандарды корсотуп,
Оолжуп карап калды ошол.

Акундун кызы Айчурок,
Эми кирип акылга.
Коп жорукту ойлонуп.
Козу жетип жакынга.
Айтып калды бар созун,
Эр Тумонбай баатырга.
Акырдагы сай буудан,
Семетейдин буудаңы.
Жаныңдагы кулчоро,
Жакын коргон тууганы.
Учканым жума тун болуп,
Уч ай токсон кун болуп.
Эр Семетей султанды,
Алып келдим ~~Таластан~~ алаштан.
Олуя-Ата, Таластан.
Баатырлыкка Султандын,
Кандай пенде жанашкан.
Баатыр тууган Манаска,
287-б. Кашында бар жоросу.
Жыйырма баатыр чоросу.
Бугун сырыц алдырбай,
Уйуцо барып жаткын деп
Эртец келип мейманды,
Тумонбай озуц баккын деп.
Ыраазы болгун Тумонбай,
Издеген жогуц таптым деп.
Чыдаялбай аз десец,
Чынкожого саттыц деп.
Айтып сырым бербестен,
Азабым аштай катты деп.
Ажалдын суусун таттым деп,
Элге-журтка корунбай,

Эр Тумонбай кайткын деп.
Буудандарды корсотуп.
Эртец келип созуцду,
Семетейге айткын деп.
Бура тартты Айчурок,
Мурун сырын айтпастан.
Салыпкойгон коп убак,
Эр Тумонбай баатырыц.
Эске салып акылын.
Козу коруп алган соц,
Семетейдин жакынын.
Суйунгондон тер басып.
Таманы менен жер басып.
Суйунуп каныц чыкты деп.
Кандай кабар укту деп.
Калыц Туркмон эл басып,
Кан Тумонбай тер басып.
Кудай мага берди деп.
Эр Семетей келди деп.
Асыл Султан келгенин,
Аныч козум корду деп.
Толтой менен Чынкожо,
Семетейден олду деп.
Падша — кудай жараткан.
Максатымды берди деп.
Суйунгондон жубанып,
Айчурокко кубанып.
Эр Семетей султандын,
Келгенине ынанып.
Жыйырма чоро, сап мырза,
Жургонуно ынанып.
Ыраазы болуп Чурокко,

Ышкы тушуп журокко.
Кайрат кылып бел байлап.
Кан тогулгон да бакка.
Тулкунун уулу Тумонбай,
Бура тартып кеп айтып.
Каманбай менен Ажыбай,
Мында келгин деп айтып.
Коргон-билген жоругун,
Эр Тумонбай эми айтып.
Барып озум кордум деп,
Коруп чыгып келдим деп.
Алтымыштай сай буудан,
Аста байлап салыптыр.
Ачуу терин чыгарып,
Абдан терин алыптыр.
Тай буурулу кыйгаштап,
Оюн салып калыптыр.
Карындашым Айчурок,
Байлатыптыр ордого,
Жан адамга билдирбей.
Ордосу толуп жоргого.
288-б. Эр Семетей султанды,
Багып жаткан турбайбы.
Семетейге Айчурок ~~жагып~~.
Жагыпжаткан турбайбы.
Бура ыраазы болбосок,
Бизди кудай урбайбы.
Эр Каманбай, Ажыбай,
Бугун уйго кайтсак деп.
Эртеңкелип Семеңди,
Өзубуз туруп баксак деп.
Чынкожо менен Толтойдун,

Жебин анан тапсак деп.
Семетейге кошулуп,
Жыргап бирге жатсак деп.
Жан жолдошум Каманбай.
Жаныма куйчу Ажыбай.
Жаным аман турганда,
Тамашага батсак деп.
Эр Тумонбай аттанып.
Эсин жыйып шаттанып.
Эртеңз эрте келгин деп,
Элине айтып актанып.
Эр Семетей келди деп,
Элге-журтка мактанып.
Кан абамдын нур жузун,
Кантип барып корем деп.
Коргон жерде олом деп.
Кыянат жерге буюрса,
Кызматына коном деп.
Мен Тумонбай белен деп.
Эр Семетей келген соң.
Эми жолум кенен деп.
Ажыбайым, баргын деп,
Абама кабар салгын деп.
Эр Семетей келди деп,
Суйунчусун алгын деп.
Эр Тумонбай баатырыңз,
Жонап калды уйуно.
Эртеңз келбей койбо деп.
Бул созумду ойло деп.
Жардык айтып Ергонтун,
Кара тура бийине.
Ала байтал Ажыбай.

Арман айтып налыбай.
Мас болгондой оолугуп,
Жана отту тоаныбай.
Маслаат ошлоп акылга,
Барып кирди Якунга.
Эр Семетей келди деп.
Кабар уктук жакында.
Эрке чурок чырагыц,
Барып кабар салыптыр.
Эр Семетей султанды,
Баштап алып келиптир.
Тумонбайга чын сырын,
Чурок айтып бериптир.
Ордосунан Чуроктун,
Эр Тумонбай балацыз,
Жарамыктуу он торт ат,
Сай бууданды коруптур.
Кучоо балац Семетей,
Сугунчу аба келиптир.
Жалты туркмон калкыцдын,
Тилегин кудай бериптир.
Эр Синген эр толтой,
Баса келген Чынкожо,
289-б. Коргулукту корот деп.
~~289-б.~~ Семетейден олот деп.
Ажыбай суйлоп турганда.
Бул кабарды кылганда
Токсон жашта Дкун кан,
Эми кирди жыргалга.
Бала куштай талпынып,
Баш которду турганга.
Ажыбайым болсун деп.

Башыңа доолот консун деп.
Сени кудай суйунтуп,
Өмүрүң узун болсун деп.
Доолор менен согушуп,
Доолотуң, балам, толсун деп.
Ажыбайым кийсин деп,
Акылы болсо суйсун деп.
Байбичем алып кийгиз деп.
Марттыгыңды билгиз деп.
Акун кан кийген киши ичик,
Алып жатты жонуна.
Ак сандыктан жуз тилде,
Санап берди колуна.
Ажыбайды жонотту.
Баратурган жолуна.
Эми эрке чурок кеби бар.
Эрикпей угатурган эби бар.
Сарайында сактаган.
Кан Семетей тезир бар.
Каламда жазган бактына,
Эр Семетей эри бар.
Перинин кызы Чуроктун,
Кай~~сы~~ жеринде кеми бар.
Коргон-билген кордугун,
Султанга айтаар эби бар.
Эрке Чурок элеңдеп.
Айтаар созун белендеп.
Киш ичигин жамынып.
Кордук коруп сабылып.
Эр Семетей султанды,
Эрке Чурок сагынып.
Басып калды жол менен,

Барасын деп камыныт.
Эрке Чурок кашказдап.
Айнектей бети тастаздап.
Эр Семетей султанга,
Айтаар созун башкамдап.
Жан адамга корунбой,
Жалгыз барды ~~корунбой~~ озуно.
Абамдын цулу Султаным,
Кулак сал деп созумо.
Каман бай менен Тумонбай.
Жажырды деп озуздy,
Жактырбады созумду.
Жаза кылды озумду.
Эрекишип Тумонбай.
Этсиз кылды кесирди.
Куу тумшук Тумонбай,
Кандыгына эсирди.
Жалтаныт турам каныимдан.
Аздачы колдун тагын деп
Тором сенин келгениц,
Маздайымда багым деп.
Сурап турам каным деп.
Кордуцбу колдун тагын деп.
290-б. Кокурокто ысык жан,
Чыкпай калды жанымды.
Каманбай менен Тумонбай,
Жаман жорук башгады.
Толтой менен Чынкожо,
Ач билектен суйротуп,
Азоо тайдай уйротуп,
Алыт коё жаздады.
Деп эрке чурок шыцкылдап.

Созун айтты баатырга.
Эр Семетей султаныз,
Созун жыйнап акылга.
Толтой менен Чынкожо,
Кабарымды жиитсе,
Келбейт деп мында жакында,
Таксык эмес катынга.
Жолборстун жургон жерине,
Жолбун ит басып урчу эмес.
Гайыптын жургон жерине
Кара жин пери журчу эмес.
Мындан кордук кап коруп.
Качып кеткен эр Толтой.
Кайрылбай кеткен Чынкожо.
Мен келгенде турчу эмес.
Чурок сени урчу эмес.
Мындай жорук кылчу эмес.
Акундун кызы айымым.
Атагы чыккан зайыбым.
Угуп тургун созумду,
Баштан аяк дайынын.
Кондурбадым бир жерге.
Толтой менен чынкожо,
Эки кулдун айылын.
Атам манас барында,
Доолотунун шарында.
Кан бакайы жанында.
Кырк чоросу кашына,
Отуз алты жашында.
Уйкурду таратты,
Оз колуна каратты.
Уйгурга кан эле.

Бу да мыкты жан эле.
Кара чоктуу Бороончу.
Муздай темир узанчу.
Эр Манастан корккондон,
Кочуп кетти калмакка,
Жайнактын цулу Бороончу.
Учурады арбакка.
Кезеш салбай жайнакка.
Кеп жазаган бармакка.
Кара чоктуу Бороончу
Калмака кирип чокунду.
Лаанат алып ар кимден,
Лат мэнетке окунду.
Ошондо Шыгай канбекен,
Эр Багышы барбекен.
Менин атам Манастай,
Каякка созу шарбекен.
Калмактан барып жылкы алып,
Кележаткан кезимде.
Эр Багышты олтургдум.
Барбекен бул жинде.
Эр багышты жайладым,
Эр мин деген кезинде.
Ысык-Колго ~~Озгонбай~~ Тургузбай,
Угул туудуц дегенде.
291-б. Мында Толтой кайда экен.
Чынкожо кайсы жайды жен.
Уялбастан козумо,
Корунор Толтой котубу.
Эрлик кылып Чынкожо,
Эрегишээр озубу.
Кара Тумшук Чынкожо.

Кармай турган тууганым.
Каяша айтып койду деп.
Туугаными ды кууганым.
Кележаткан жол менен.
Кербенимди алды деп.
Болоор болбос иш учун
Кебимди кайрып салды деп.
Кашымдагы Як суудан,
Кан Шыгайды кочурдум.
Кара жандан кечирдим.
Куйгон отун очурдум.
Мында толтой кайда жен.
Чынкожо кайсы жайда жен.
Эрегишкен жи кул,
Ушул элде барбекен.
Кара-Тигин жергинен,
Калчаны алдым элинен.
Калчалардын кан жайнак.
Кайрат кылган бегинен.
Калчанын каны жайнакты.
Кабылан Кулус жайлады.
Мурдун косоп Калчаны
Чулук тагып байлады.
Мурдуна чулук тактырдым.
Мусулманга бактырдым.
Эрегишкен Калчаны,
Оз колума караттым.
Дин мусулман цулуна,
Тутунго болуп тараттым.
Мында толтой кайда жен,
Чынкожо кайсы жайда жен.
Индистандын жергинен.

Индини алдым элинен.
Индинин каны Нескара,
Карап турган бегинен.
Атам Манас баатырдын,
Токтом кылган небинен.
Инди паян жуутту,
Тайдырып келдим эбинен.
Индинин каны Нескара,
Нескарада не чара.
Кордук коруп ~~Т~~ кулстан,
Колго тушту бечара.
Нескараны жайладым.
Жипсиз колун байладым.
Каршылык кылган индини,
Карсылдатып айдадым.
Али шердин тукуму,
Асан, Усон уругу.
Асан шеит болгондо,
Индистан болгон туругу.
Байгамбардын насили.
Барча калктын асылы.
Алтын созум эп кылдым.
Саидшаны бек кылдылды.
Индистан жуутту.
Башын кошуп капшырдым.
Саидшаны дайындап,
Ак кагазга жаздырдым.
292-б. Аягына келтирип,
Алтын морум бастырдым.
Улугуз ушул болду деп.
Саидшага тапшырдым.
Атам Манас баатырдын,

Чегин кордум барганда.
Жазыт кеткен дайындат,
Кебин кордум барганда.
Кылыт кеткен атамдын,
Себин кордум барганда.
Нил дарыянын балкыган,
Колун кордум барганда.
Кербаланын кызыл кум,
Чолун кордум барганда.
Асан, Усон шейттин,
Корун кордум барганда.
Шаид болгон Кербала,
Жерин кордум барганда.
Мен индинин шаарын алганда,
Индиге булук салганда
Эрдигиме калык журт,
Элим айран калганда.
Мында Толтой кайда жен,
Чынкожо кайсы жайда жен.
Эрегишкен жи кул,
Эл ичинде барбекен.
Тумшугу жок кысталак,
Же туулбаган жанбекен.
Парим деген жеринен,
Параздыалдым жинен.
Параздын каны Балтамат,
Баарсынган бегинен.
Басасы бийик чебинен,
Байкачы Чурок кебимен.
Басташыт ~~келген~~ жургон бегизди,
Тайдырыт келдим эбинен.
Параздын каны Балтамат.

Колбагын бийик чеп кылган.
Дарбазасын бек кылган.
Элинин созун эп кылган.
Даярланып туруптур,
Элинен аскер коп кылган.
Текши коргон урдуруп,
Тегиз мылтык сундуруп.
Тарсылдаган коп мылтык,
Жан кулакты тундуруп.
Алты ай жаттым атышып,
Кызыл канга батышып.
Ажал жетип окко учкан,
Жерге сулап жатышып,
Баатыр Кулус кеп таап,
Жаракшыктуу эп таап.
Жалгыз барып чочкону,
Олтуройун деп таап.
Эр Балтамат баатырын,
Жалгыз барып соём деп.
Эрмин деген эшекдин,
Эки козун оём деп.
Дарбазасын бошотуп
Даяр кылып коём деп.
Койкашканын эрмигин,
Коруно кылган шерлигин.
Коп парацды аралап,
Коргон жанды сабалап,
Жетип барган эр Кулус.
Балтаматтын элине.
293-б. Балтаматка жеткенде,
Айбалта менен бир салган.
Ярыстан Кулус чунагым.

Аябаган чыр салган.
Параҗдын каны чочкону,
Баатыр чором мыктаган.
Карма кулду дегенче,
Кулбактан аша чураган.
Акирет сапар жол тартып,
Кан Балтамат ыктаган.
Кабылан чоро Кулусум,
Кара жерге ныктаган.
Каарымдан корккондон,
Калыҗ параҗ ыктаган.
Баары келип багынып,
Жалгыз адам чыкпаган.
Каарыма алганда,
Капырга салдым караҗгы.
Кара жандан туҗултуп,
Минтип алдым параҗды.
Мында толтой кайда жен.
Чынкожо кайсы жайда жен.
Тузум урган кыз талак,
Же туулбаган жанбекен.
Эрекишкен жи кул,
Ушул элде барбекен.
Ойлонбой алдым оганды,
Орос окту кууганды.
Менин колум тийбеген,
Орос кайдан соо калды.
Канчоро менен Кулчоро.
Жылкыла барып жатканда,
Кымыз ичип, тай союп,
Тамашага батканда.
Эртиш, токо жигитин,

Эр чынкожо жиберген.
Эптеп алдап алмакка.
Тайбуурулду имерген.
Эртиш, Токо келишип,
Келип салам бергишип.
Чодурайган жи кул,
Чоролор менен корушуп.
Откон-кеткен кепти айтып,
Озуно жаккан эпти айтып.
Тайбуурулду Султандан,
Сурап келдик дегенде.
Колкосуна бурулдун,
Чыдап келдик дегенде.
Ачуусу келип чоромдун,
Атамдан калган жоромдун,
Эртиш менен Токону,
Карматып алып калчылап,
Башын тилди каршылап,
Мойнунан каны талчылап.
Аркасын тилип мурч салды.
Куйругун тилип туз салды.
Башын тилип чок салды.
Таманын тилип кок салды.
Мында Толтой кайда жен.
Чыкожо кайсы жайда жен.
Эрегишкен жи кул,
Ошол элде барбекен.
Уктум, Чурок, созуцду.
Кордум, Чурок, козуцду.
Бул жака мени сен тап,
Аларга бурбасын жицди
294-б. Кабыл болуп тилегим.

Кадымдан бери журомун.
Корсото Чурок билегиц.
Билегице куломун.
Бир жоон моюн курсулдок,
Элицде бардыр ойношуц.
Билегицди бек кармап,
Ойношуц сыйрып койбосун.
Менин жургон жериме,
Чынкожо кантип жойлосун.
Мени менен эр Толтой,
Бетешип кантип ойносун.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Өзунун артын ойлолосун.
Шору катып Кулустон,
Кокус олуп койбосун.
Баатырсынган эки итти,
Бала Кулус сойбосун.
Деп эр Семетей султаныц,
Эриктеген шумпайыц.
Кулчорого кеп айтты.
Кулусум уккун деп айтты.
Чынкожо менен Толтойдун,
Кабарын аныкбилгин деп.
Май-Добонун белинен,
Эл ортосу жеринен.
Чынкожо менен Толтойго,
Тумонбай кылган чегинен.
Барып жолун чалгын деп,
Аныккабар алгын деп.
Чынкожо, Толтой корунсо,
Айдап жолго салгын деп.
Эр Семетей Султаныц,

Чорону жумшап салды ошол.
Эрке Кулус чунагыҥ,
Ыргыт тура калды ошол.
Андай болсо, аба, деп,
Андай жорук кана деп.
Амириҥде туруучу,
Арыстаныҥ Кулус мына деп.
Эрке Кулус аттаныт,
Суйунгондон шаттаныт.
Башка чоро ноёндун,
Баарысына мактаныт.
Каршы чыкпа чынкожо,
Калбаймын деп сактаныт.
Корсо толтой соём деп,
Абасына актаныт,
Жоо жарагын шайланыт,
Кылычын кыя байланыт.
Абасынан соз угут,
Абыдан коону жайланыт.
Тайбуурулду каргытыт,
Оозунан кобук баргытыт.
Тундо журут кулчоро,
Тулкудой болут жойлогон.
Сыртки капканы ачтырыт,
Жургонуно шаштырыт.
Серетчилеп Кулусуҥ,
Тапшырмасын аткарыт.
Баратурсун Кулчоро.
Кулус барчу жерине.
Май-Добонун белине.
Чынкожо менен толтойдун,
295-б. Эл ортосу жерине.

Тумонбайдын чегине.
Жетип барды Кулусуц.
Жарады деп бул ишим.
Чынкожо менен толтойдун,
Келе турган жолу деп.
Чоц Ургончтун ~~б~~ ою деп,
Кан-Ярыктын бою деп.
Жолун бекем кармады,
Жолукса деп зарлады.
Тун ортосу мезгил деп,
Буурулду талга байлады.
Келээр кези отту деп,
Козулун Кулус жайлады.
Оолжутуп чунакты,
Уйку бекем кармады.
Уйку бекем келген соц,
Келмектурсун ~~келген соц~~. жецген соц.
Айбалтага суйонуп,
Анча-мынча туралбай.
